# Кыргыз тили

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы

| №5 (315) | 28. 05. 2025. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru

*Ташты сыгып, тарыхты төккүм келет,*
*Тилимди мен туу тутуп өткүм келет.*
*Эне тилин эсирип чангандарды,*
*Эне тилде ашатып сөккүм келет!*

Алтынбек ИСМАИЛОВ



*Чыккынчылар мекен суусун ичпесин,*
*Чоңдун баары кыргыз тилде иштесин.*
*Журтуң үчүн сүйлөбөгөн тилиңди,*
*Жулуп ыргыт, андан көрө ит жесин!*

Бердибек ЖАМГЫРЧИЕВ

# Мамлекеттик тилди колдонууга байланышкан мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш биринчи окууда колдоду

Жогорку Кеңештин жыйынында «Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым конституциялык мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык мыйзам долбоору жана «Мамлекеттик тилди колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору биринчи окууда каралып, жактырылды.

Министрлер кабинети тарабынан демилгеленген мыйзам долбоорлорун Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев тааныштырды.

Аталган конституциялык мыйзам долбоорунун максаты «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына, талдоонун негизинде аныкталган зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү жана аталган конституциялык мыйзамда каралган ченемдерге Кыргыз Республикасынын айрым конституциялык мыйзамдарынын ченемдерин шайкеш келтирүү болуп саналат.

Ал эми экинчи мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин колдонуу чөйрөсүн жөнгө салган айрым мыйзамдарды «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына шайкеш келтирүүнү көздөйт.



# Ош облусунда диний мекемелерде мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы боюнча түшүндүрүү иштери уланууда



Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Датка жана Манас айыл аймактарында, ошондой эле Араван районунун С. Юсупова айыл өкмөтүндө жайгашкан диний мекеме жана уюмдарда — мечиттерде жана медреселерде — "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" конституциялык мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында мониторинг жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Бул иштер Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү, Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик жана Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча Башкы башкармалыгынын өкүлдөрү менен биргеликте уюштурулду.

Мониторинг учурунда диний мекемелердин аталыштары, көрүнөө маалымат такталары жана жазуулары текшерилип, мамлекеттик тилдин нормаларына туура келбеген жазуулар жана орфографиялык каталар аныкталып, жеринде жоюлду. Мыйзам бузуулар боюнча Ош облусунун казыятына тиешелүү эскертүү берилип, мыйзам чегинде чара көрүү сунушталды.

Мамлекеттик тил мыйзамынын талаптары бардык мекемелерде, анын ичинде диний уюмдарда да так жана үзгүлтүксүз аткарылышын камсыз кылуу багытындагы иштер мындан ары да улантылат.

# Ош шаарында аскер кызматкерлери "Кыргызтест" көчмө тестирлөөсүнө катышты



2025-жылдын 20-21-май күндөрү Ош шаарында Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Түштүк-Батыш оперативдик командачылыгынын өздүк курамы "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси тарабынан уюштурулган көчмө тестирлөөгө катышты.

Аскер кызматкерлери кыргыз тилин мамлекеттик тил катары билүү деңгээлин аныктоо максатында В1 жана В2 деңгээлдери боюнча тест тапшырды. Бул иш-чара Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамын жана тиешелүү ченемдик-укуктук актыларды ишке ашыруу алкагында өткөрүлдү.

# Бишкекте бала бакчалар арасында STEAM-технологиялар боюнча шаардык кароо-сынак өткөрүлдү



2025-жылдын 22-майында Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин демилгеси менен №59 мектепке чейинки билим берүү уюмунда бала бакчалардын тарбиялануучулары арасында STEAM-технологияларды киргизүүгө арналган шаардык кароо-сынак болуп өттү.

Сынактын негизги максаты – 6–7 жаштагы балдардын технологияга болгон кызыгуусун ойготуп, алгоритм, программалоо, чыгармачыл инженерия, анимация сыяктуу багыттарда жаңы билимдерди берүүгө багытталган.

Кароо-сынактын өзгөчөлүгү - мамлекеттик тилдин заманбап технологиялар менен айкалышып, жаңыча ыкмада колдонулушу болду. Балдар, мультфильм жаратуу, роботту башкаруу, Лего куруу же этно-инженердик долбоорлорду аткаруу сыяктуу тапшырмаларды кыргыз тилинде ишке ашырып, техникалык түшүнүктөрдү өз эне тилинде кабыл алып үйрөнүштү.

Бул мамлекеттик тилди бала дүйнөсүнө ылайыктап, аны заманбап билим берүүдө күнүмдүк колдонууга айландыруу боюнча маанилүү кадам.

Сынак төмөнкү номинациялар боюнча өттү:

- "Алгоритм жана Робомыш" — №35, №71 жана №100 бала бакчалар;
- "Лего мастер" — №61, №18 жана №22 бала бакчалар;
- Мультстудия аркылуу анимация — №18 жана №22 бала бакчалар;
- "Этно-STEAM" — №21, №61 жана №111 бала бакчалар.

Жеңүүчүлөргө ноутбук, түстүү принтер, сертификаттар жана башка баалуу байгелер тапшырылды. Ал эми "Этно-STEAM" номинациясынын байге фондусун жеке ишкер жана этно-STEAM топтомунун автору Улуттук комиссия менен тыгыз иш алып барып, мамлекеттик тилди жайылтууга салым кошкон Рысбек уулу Солдатбек демөөрчүлүк көрсөттү.

Мындай иш-чаралар аймактарда да колдоого алынып, азыркы тапта "Мыкты жомок" жана "Мыкты анимация" сыяктуу сынактар өткөрүлүүдө. Алар да мамлекеттик тилди жана улуттук баалуулуктарды заманбап билим берүү менен айкалыштыруу максатын көздөйт.

# "КЫРГЫЗТЕСТ" ЖАҢЫ ДАРЕКТЕ КЫЗМАТЫН УЛАНТУУДА

Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча Улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары Сейдалиев Канатбек Шакирович Улуттук комиссияга караштуу "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин жаңы жайгашкан кеңсеси менен жеринде таанышып чыкты.

"Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору Топоева-Ставинская Батма Болоталиевна мекеменин иши, жүргүзүлүп жаткан тестирлөө процесси жана жаңы имараттагы шарттар тууралуу кеңири маалымат берди.

**"Кыргызтесттин" жаңы дареги:**
Чүй проспектиси, 267, 4-кабат
(КР Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институтунун имаратынын канаты)
**Байланыш телефондору (вотсап аркылуу):**
+996 555 000 661, +996 995 778 111

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)

28 05 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Улуу Жеңиш күнүнүн 80 жылдыгы жана жоокер акын Сооронбай Жусуевдин 100 жылдык мааракесине карата эки кылым көргөн акындын өрнөктүү өмүрүнөн эки ооз сөз



**ЖУМАКАДЫРОВА Карлыгач Мамбетжумаевна, филология илимдеринин кандидаты, доцент**

Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, жоокер акын Сооронбай Жусуевдин адамдык жана чыгармачылык тагдыры Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине туш келген. Согуш башталганда С. Жусуев он алты жашта экен. Ошол убакта эле гезитке кабар жазууну жакшы көрүп, анча-мынча ырларын да жаратып жүргөн учурда согуш башталып, 18 жашында согушка аттанган жоокердин алгачкы "Алдыга жүргүн, кыргыздар!" ыры 1943-жылы аскердик жер кепеде жазылып, канчалаган бейкүнөө жоокерлердин (арасында жашы жете элек, муруту жаңыдан чыгып келаткан жаш уландар да бар) кырылышына акындын жүрөгү ачышып, фашисттик баскынчылардын айбандык облигин көркөм сүрөттөп берет. Ошондуктан каардуу эмоцияга толгон ыр саптары чамасынын келишинче тизмектейт:

…Өлөрман душман өрөпкүп,
Өмүрү өчсүн түбөлүк.
Ар намыстуу кыргыздар,
Алдыга жүргүн, күүлөнүп! -

Өз көзү менен көргөн каардуу чындыкты ырга кошот.

…Дары жыттуу окоптон,
Далыга өткөн жаандан,
Мойсолуп үйдүн дубалы,
Морлору калган шаардан.
Сокку берген душмандан,
Солдатта болгон каардан,
Силерди терип жыйнадым,
Ырларым, менин ырларым
("Көңүл күүлөрү", 146-бет).

Дал ошол кан күйгөн апаат жылдарда акындын калеминен өз элин эрдикке, жеңишке үндөгөн алгачкы ыр саптары жарала баштайт. Акын согуш талаасында, ок-дарынын арасында байланышчы болуп тынымсыз чуркап жүрүп, убакыт боло калганда солдаттык каттар менен бирге ыр саптары да жаралып, алар оорукка жөнөтүлүп турган. Жогоруда белгилеп кеткендей «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» аттуу эң алгачкы ыры 1943-жылы жарыяланса, ал эми биринчи жыйнагы «Эмгек күүсү» деген ат менен 1950-жылы жарык көрөт. Жазуучу Чыңгыз Айтматов белгилегендей, Улуу Ата Мекендик согуш темасы Сооронбай Жусуевдин көп китептери аркылуу негизги лейтмотив болуп өтөт. Бул темага ал чын менен астейдил берилген. Акындын жоокер калемдеши С.Эралиев С.Жусуевдин "Тандалмаларына" (1975) жазган баш сөзүндө мындай дейт: "Ал - кыргыз акындарынын Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки муунуна кирет. Дүйнөгө чоң коркунуч туудурган ошол согушка ал өзү да катышып келген. Демек, жаштыгын жаңы эле таап, дүйнө, турмуш менен эми бетме-бет келип, анын толкундарына бой уруп жөнөлөрүндө, согуш кесепет болуп, жаштыгына эң ололу курал кармашып, аны каардуу сыноолордон өткөрүп, бышыктырып кайткан. Согуш темасы кийин анын каламына шык жана кубат берген негизги булактардын бири болуп калышы да ошол себептүү", - деп жазган. Ушул жерден белгилеп кете турган нерсе кайсы гана окумуштуу, адабиятчы же жазуучу болбосун, жоокер акындар тууралуу сөз кылганда, сөзсүз түрдө С.Жусуевдин жана С.Эралиевдин ысмын биринчи аташат. Жогоруда белгилегендей, С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы эң урунттуу тема – бул согуш темасы. Согуштун азабынан канчалаган азаматтар туш келген жерге көмүлүп, канчалаган энелердин көз жашы төгүлүп, ушул бүгүнкү күнгө дейре унутулбай, айыккыс жара сымал көкүрөккө түйүлүп калды. Бул адамзат тарыхындагы өтө мүшкүл иш! Муну азыркы муундар, жаштар кандай кабыл алат, кеп ошондо… Ошондуктан бул теманы иликтөөдө бизге негизги курал катары С.Жусуевдин ырлары кызмат өтөйт. Бул түбөлүктүү теманы иштеп чыгууда С.Жусуев өтө чоң эмгек сиңирген. Акын өз поэзиясында согуш маалында кездешкен ар түрдүү көрүнүштөрдү, мисалы, патриоттук менен чыккынчылык, адамгерчилик менен кара мүртөздүк жана башка сыяктуу адамзат пендесиндеги оңтерс сапаттарды чагылдырган. Акындын өзгөчө касиети – ар бир ырга өзүнчө жан киргизип, окурманды да окуяга аралашып жүргөндөй сезимге дуушар кылгандыгы. Ошондуктан С.Жусуевдин патриоттук мазмундагы ыр саптары жоокерлерге дем берип, жаштарыбызды жакшы сапаттарга тарбиялап келген.

Алгачкы ырларынын бири "Биз, жеңишчил" (1943) деп аталып, ал эки гана строфадан турганына карабай, акын чоң жеңишке бараткан жоокердин ишенимдүү кадамын мыкты саптар менен берүүгө жетишкен. С.Жусуевдин башынан кечирген күндөрүнөн кабар берген "Эсимде" аттуу ырында жоокерлердин үмүт-тилеги мындайча элестүү сүрөттөлүп берилет:

Жоокерлер от жанында жабылышып,
Окулган Ала-Тоодон барган каттар.
Ак калай кружкалар кагылышып,
Эсимде "Жеңебиз!" - деп ичкен чактар.
…Э, досум, отту, - музду басып келдик,
Эми биз көк шиберде басалычы.
Согуштун ачуу даамын татып келдик,
Тынчтыктын ырахатын таталычы!
("Тандалмалар", 29-бет)

Согуштун элеси акынды али күнгө чейин көлөкөдөй ээрчип, дале болсо аны жайына койбой кыйнап жүрөт. Айласы кеткен акын "эх, ушул елестерден эптеп кутулайынчы!" дегендей, келечекке үмүт менен карайт. Бирок баары бир аны көкүрөгүнөн сүрүп чыгара албайт. "Музыкант иниме" (1957) ырында да согуштан калган такты музыканттын абалы аркылуу ачып берүүгө жетишкен.

Андагы:

…Салаасы сол колунун тыбырчылайт,
Салбырайт колсуз калган оң жак жеңи, - деген саптарда кичинекей деталь аркылуу жеткирген.

Акын согуш темасындагы ырларды алтымышынчы жылдары айрыкча берилип, жүрөгүн чындап ачып салып жазган. Башка акындардын тажрыйбасына кайрылып көрсөк, алар да согуш темасына алтымышынчы жылдардан тарта көп кайрылып келишкен. Алтымышынчы жылдардан тартып кескин көбөйгөнү кызык көрүнүш. Бул суроо боюнча С.Жусуевдин өзүнө кайрылганда, акын мындай пикирин билдирген: Алгачкы кезде көргөнүн көргөндөй жазып, ырларында душмандардан өч алууга чакырган мотивдер, эрдикти үстүртөн даңктоо менен чектелгендигин тажрыйбасынын жоктугунан көрөт. Кийинчерээк бул темага философиялык көз караш-та мамиле кылып, анализ жүргүзүү алдыңкы планга чыкканын мойнуна алат. Биздин байкообузда, ал төмөндөгүдөй жагдай менен түшүндүрүлөт. Алгачкы жыйнактарынан алтымышынчы жылдарга чейинки убакыттын аралыгында согуш темасына анча көңүл бурулбай калгандыгы, биринчиден, буга алтымышынчы жылдардагы өлкөнүн саясий-экономикалык абалы, анткени ага чейин согушту бир беткей гана баатырдык планда сүрөттөп келишкен. Бул да ошол учурдагы коомдун талабы болгондур. Кийинчерээк согуш жалаң гана героика эмес, трагедия экендигин сезип, актуалдуу темага мына ошол позицияда кайрыла баштады. Натыйжада, терең ой жүгүртүп, кийинки муундарды таасирленткен тарбиялык саптарды жаратууда чоң ийгиликтерге жетишкен. С.Жусуевдин акындык жүзү алтымышынчы жылдардан баштап ачыла баштайт. Согуштан кийинки жылдар кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү өзгөчө этапты түзөт. Бул учурда адабият майданына келген жаш акындар фольклор менен катар классикалык традициялардан пайдаланып окуп үйрөнүштү, башкача айтканда, орус жана дүйнөлүк адабият менен кеңири таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ошолордун арасынан өзүнчө чыйыр салууга жетишкен акындардын бири – Сооронбай Жусуев.

Согуш жана тынчтык темасы бул – түбөлүктүү тема болуп саналат. Бул күндө да ал ар бир адамдын жүрөгүн өйүгөн эң негизги көйгөйлөрдүн бири, ошол себептүү согуш темасын чагылдырбаган бир дагы акын, бир дагы жазуучу жок. Бул теманы акын тарых фактысы катарында эле эмес, адам тагдыры жөнүндөгү жалпы адамзаттык көйгөй болгондуктан, алардын келечегине тынчсызданып, эртеңки күнүн ойлоп кайрылат. Алтымышынчы жылдардагы эң мыкты иштелген ырларга төмөнкүлөрдү киргизсек болот. Алар: "Адам каны", "Дарак", "Салмак", "Урук", "Кол", "Жыт", "Бут". Согуш талаасындагы суудай аккан жоокерлердин каны али күнгө чейин көз алдына элестеп, керек болсо ичиркентип, бейпай түйшүккө батырат. Адамзат проблемасы акындын ырларында өтө терең берилип ойлонтууга мажбурлайт.

Адам каны дайра эмес ага берген,
Жамгыр эмес жер нымдап тама берген.
Адам каны кыпкызыл боёк эмес,
Адам каны акча эмес таба берген -

деп келип аягында:

…Күндөн алган кан кайнап көбүрбөсө,
Жерден алган кан жерге төгүлбөсө.
Адам каны жүрөктөн бөлүнбөсө,
Адам каны адамга көрүнбөсө… –

деп тилейт. 1945-жылдагы Улуу Ата Мекендик согушту акыркысы деп ойлогон эл андан кийин да канчасын көрдү. Канчалык кан какшап түшүндүргөнгө караганда ырдын кубаты, күчү таасирдүү болгондуктан, поэзия жанрына көбүрөөк маани берилет. Фронттук турмуштун жүрөк титиреткен катаал окуяларын поэтикалык тилдин кудурети менен сүрөттөө жагынан С.Жусуевдин "Бир тоголок картошка" аттуу ыры бир кыйла күчтүү чыккан. Мисалы, согуштун ардагерлери сүйлөшүп баратып, эки баланын картошканы топ кылып ойноп жүргөнүн көрүп калышат. Ошондо досу акынга кайрылып, өткөн күндөрдү эске түшүрөт. Ачка, кийимдери кир, араң бут шилтеп келаткан сөлөкөттөй туткундарды көз алдына келтирет да, ошондогу бир көз ирмемде өткөн көрүнүштү эске салат:

Бир картөшкө жолдо жатты куланып,
Туткун ага колун сунду кубанып.
Артыбыздан тытыр-р-р этип автомат,
Арык туткун сулк жыгылды суналып.

Аягында болсо:

…Мындай өлүм жок болсо да оюнда,
Туткун жатты чоочун өлкө жолунда.
Кала берди өз канына боёлуп,
Бир картөшкө анын сенек колунда… -

деп айтып бүтүп, картошканы тээп ойноп жүргөн балдарды узата карайт. Ооба, мындай көрүнүштөр көп эле кездешет. Анткени азыр турмуш абдан оңолуп, токчулук орноп, жаш муундар өткөн күндөрдү билбей келишет. Демек, ырдын чакан сюжети акындын жоокер досуна арналып, анын эскерүүсүндө туткун күндөрүндө көргөн бир тоголок картошкага байланыштуу окуяны гана баяндайт. Согуштук бул фактыны акын жалпылоочу көркөм чындыкка айлантып, лириканын элпек тили менен аны таасирдүү ачып берет.



*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Тил – Уңгужолдун өзөгү



**Назаркул ИШЕКЕЕВ, Ж.Баласагын атындагы КУУнун проректору, педагогика илимдеринин доктору, КР УИАнын корр.-мүчөсү, профессор**

Залкарлардын чыгармаларында ааламдагы геофизикалык кубулуштар, климаттык мүнөздөмөлөр, атмосферанын тунуктугу жана алардагы өзгөрүүлөрдүн табигый динамикасы, кээде антропогендик факторлору да баёо, априордуу негизде (элементтери, философемалары) көркөм-образдуу жалпылаштырылат. Алар – асыл казына жана улуттук баалуулук. Көрсө, жаратылыш канчалык бай болсо, биочөйрө канчалык түркүн-түстүү болсо, тилдин лексикалык фонду ошончолук мол, ошончолук күчтүү, образдуу касиетке жана “ядролук" энергияга ээ болот экен. Дал ушундай дөөлөткө, нарк-насилге эгедер кыргыз тили менен катарлаш өлкөбүздө жашаган көптөгөн этностордун тили дагы кыргыз табиятындай көркөм жана кооз, албетте, болуп көрбөгөндөй байлыкка карк.

Азыр Кыргызстанда мамлекеттик, расмий тилди жана эне тилин, ошондой эле, эл аралык тилдерди эркин билген жаңы муунду өстүрүүгө жана тарбиялоого багытталган методологиялык, философиялык негиздер иштиктүү уланууда.

Уңгужол - мамлекеттик тилди билүү Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын ыйык милдети болуп кала турган системаны түзүүнүн жана кыргыз жаранын калыптандыруунун тиреги болот деген терең ишеничтемин.

Бүгүнкү күндө бардык бийлик бутактарында күчтүү мамлекеттик тил саясаты бышып жетилди. Ал - өлкөдөгү тилдик жана маданий көп түрдүүлүктү өркүндөтүүгө жана улуттар аралык диалогго жана баарлашууга өбөлгө болот. Тил - жалпы жарандык башкаруу административдик, илим-билимдик, технологиялык, өндүрүштүк-чарбалык, соода-сатык, маданий жана диний ж.б. негизде Кыргызстанда жүрүп жаткан ички интеграциянын ишенимдүү өнүгүшүнө жана узак мөөнөттүү келечегинин кепилдигине айланышы эп.

Албетте, "Кыргызтест" системасы Өкмөттүн токтомуна ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерден сынак алууну жүргүзүүдө. Ошентип Мыйзам чыгаруу, Аткаруу жана Сот бийликтеринин тармактарында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн пайыздык катышын чечкиндүү түрдө өркүндөтүүнүн негиздери калыптанууда.

Тилди табият жараткан. Тилге текеберчилик менен мамиле кылуу, табияттын мыйзамдарын этибарга албоо - ар кандай калыбына келгис, орду толгус жоготууларга кабылтарын көкүрөк-көөнүбүздөн чыгарбайлы.

Эгемендикке ээ болгондон бери улуттук тилибизге урунттуу көңүл бурулуп, анын өнүгүп-өркүндөшүнө бардык тиешелүү шарттар түзүлүүдө. Наристелерибиз кыргыз тилиндеги бала бакчаларда тарбияланып, мектептерде билим алышууда. Жогорку жана кесиптик окуу жайларынын көпчүлүгүндө кыргыз тилиндеги бөлүмдөр ачылууда жана окуу дисциплиналарын кыргыз тилинде окутуунун саны менен сапаты артууда.

Кыргыз тили илим-билимдин, тарбия-таалим берүүнүн, ал тургай, заманбап маалымат технологияларынын да тилине айланууда. Азыркы учурда илимпоздорубуз көптөгөн илим тармактары боюнча окумуштуулук даражаларын алууда, диссертацияларын кыргыз тилинде жазууда жана аспирантурага өтүүдө, милдеттүү түрдө кирүү сынактарын мамлекеттик тилде берүүдө, кандидаттык минимумдарды тапшырууда. Атүгүл, чет өлкөлүк жарандар дагы бул талапты аткарууда. Кандидаттык жана докторлук диссертациялардын авторефераттары, диссертациянын кайсы тилде жазылганына карабастан, милдеттүү түрдө мамлекеттик жана расмий тилде жарык көрүүдө. Дүйнөлүк интернет желелеринде кыргыз тилиндеги маалыматтар менен макалалардын саны күн санап арбуунун үстүндө. Кыргыз тили жакынкы эле жылдары “Гугл транслейт” котормо кызматына кошулуп, эл аралык экономикалык, саясий жана маданий ала-ка-байланыштарды кыйла жеңилдетүүдө.

Азыркы учурда мамлекеттик тил санариптештирүүнүн негизги каражатына айланууда. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын www.mamtil.kg сайтында кыргыз тилин жеңил үйрөнүү боюнча атайын иштелип чыккан 40тан ашык видео сабак жайгаштырылган. Android жана IOS системалары үчүн “Mamtil Lingvo” мобилдик колдонмосу иштелип чыккан. Бул – этникалык топтордун өкүлдөрү, мамлекеттик тилди өздөштүргүсү келген чет өлкөлүктөр үчүн мобилдик телефондорго жүктөө менен тилди үйрөнүүгө багытталган программа. Ошондой эле, мектеп курагына чейинки (3–5 жаш) жана башталгыч класстагы (6–10 жаш) балдар үчүн “Бал тил 1” жана “Бал тил 2” аталышындагы мобилдик колдонмолор иштелип чыкты. Мобилдик колдонмолор балдардын кыргыз тилин жеңил үйрөнүүсүнө көмөк көрсөтөт. Аларда сүрөттөр, анимациялар, аудиолор жана логикалык оюндар камтылган.

Кыргыз тилиндеги санарип тексттерди табигый үн менен окуп, колдонуучуларга текстти оңой жана ыкчам түшүнүүсүнө жардамчы болуучу программалык аппарат иштелип чыкты. Алдыда бул иштин экинчи этабы менен кыргыз тилинде айтылып жаткан текстти санарип текстке айландыруучу программалык аппараттын (үндү текстке айландыруу (speech recognition) иштелип чыкты. Ошентип кыргыз тили жасалма акылдын мейкиндигине кирүүдө.

Мындан тышкары, 35 500 сөздөн турган кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү, К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сөздүгүнүн жана айрым тармактык сөздүктөрдүн, мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында жарык көргөн башка ар тармактуу басылмалардын электрондук версиялары www.mamtil.kg сайтына жайгаштырылган. 2015-жылдан тарта Улуттук программанын алкагында басылып чыккан адабий китептердин, усулдук колдонмолордун, макалалардын электрондук варианты сайтка жайгаштырылып турат. Андан сырткары, КР Билим берүү жана илим министрлигинен, КР Улуттук илимдер академиясынан чыккан китептердин электрондук варианттарын mamtil.kg сайтынан табууга болот. Жалпы 450дөн ашык китеп электрондоштурулган.

Ушулардын бардыгы улуттук тилибиздин өркүндөп-өнүгүшүнө жагымдуу шарт түздү. Улуттук тилибиздин лексикалык кору эл аралык жаңы терминдер жана атоолор менен болуп көрбөгөндөй байыды.

Демек, жаратылыш менен табияттын өлчөөсүз байлыгын көздүн карегиндей сактоо жана тумарыбыздай тутунуу ар бирибиздин ыйык милдетибиз экендигин акыл менен жүрөктөн өткөрүп турушубуз оң.

Ырас, биз ааламдашуу доорунда жашап жатабыз. Бул түшүнүктү 1983-жылы америкалык экономист, гарварддык бизнес мектебинин профессору Теодор Левитт “Гарвард бизнес ревью” деген макаласында колдонгон. Кийинчерээк, 1990–жылы аталган бизнес мектебинин кеңешчиси Кейчиро Омэ “Чексиз дүйнө” деген китебинде ага кеңири жана терең аныктама берген. Акыйкатта, ааламдашуу термини замандын философиялык, экономикалык, саясий-социалдык, маданий-агартуучулук ж.б. мазмун-маңызын аныктоочу заманбап феномен болуп калды.

Биздин оюбузча, ааламдашуу - салттуу билим менен маданиятка жана көөнө үрп-адаттарга эки тараптан эбегейсиз чабуулга өтүүдө.

Биринчиден, ал көп кылымдар бою өнүгүүнүн натыйжасында калыптанган, бирок технологиялык цивилизациянын кубаттуу селине туруштук бере албаган каада-салттарды жана үрп-адаттарды бир өңчөйлөтүп салууда жана алардын айырмачылыктары менен өзгөчөлүктөрүн жылмалоодо. Бул "өз" жана "бөтөн" антоним түшүнүктөрдүн маанилеринин семантикалык чек арасын жоюп гана тим болбостон, маданияттын жаңы түрлөрүн жаратуу менен аларды соңку тарыхыбызга таңуулоодо. Маданияттардын мындай айкалышы менен синтези айрым адамдардын турмушунда гана эмес, бүтүндөй коомдун саясий жана социалдык, маданий-агартуучулук жана башка мүнөздөмөлөрүндө ачык-айкын байкалууда. Натыйжада, тилин, тарыхын, маданиятын жоготкон, өз жеринин топурагынын тамырларынан, кыртышынан кол жууган, ошол эле учурда, башка маданияттын күчтүү эпкинине учурап, таасирине кабылып, бирок ага толук башын батыра албай калган, ага да, буга да чоочун адамдардын катмарлары жаралууда. Бул – өтө коркунучтуу фактор.

Ошондуктан эне мектеби, үй-бүлө институту, бала бакча жана билим берүү, маданият тармагы менен жалпы коомчулук белин бекем бууп иштей турган жумуштар өтө эле арбын. Мында, айрыкча, заманбап мультимедиалык каражаттарды жана маалымат технологиялары, санариптештирүү аркылуу мамлекеттик тилди колдонуу чөйрөсүн кеңейтишибиз айкын. Уңгужолдо белгиленгендей, кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологияларды жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөөнү жолго коюу – заман талабы.

Экинчиден, ааламдашуу - этностордун экономикалык, рухий, адеп-ахлактык, оор абалдан чыгуусуна, өнүгүүсүнө, лексикалык-лингвистикалык базасын өркүндөтүүгө, терминологиялык корун иретке келтирүүгө жана тарыхый-маданий, социалдык болмушундагы башаттарды издөөгө жол ачат. Менимче, буга Кыргызстандын соңку тарыхындагы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы, Ош шаарынын 3000 жылдыгы, улуу Үркүндүн 100 жылдыгы, Көчмөндөр оюндары жана жыл сайын өткөрүлүп келе жаткан тил салтанаты далил болот.

Байыркы кыргыз эли тилден баштап мамлекетке чейинки өздөрүнүн пассионардык күч-кубатын, энергиясын кийинки урпактарга үзгүлтүксүз жана дамамат өткөрүп келет.

Тил – улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруунун даанышмандыгы менен кемеңгерлиги.

Кыргыз тили – өлкөнүн биримдиги менен бүтүндүгү жана мамлекеттин тарыхый тагдыры жөнүндөгү уңгулуу баалуулук. Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил – бири-бири менен тыгыз байланыштуу, бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттаган жаратылыштын ооматтуу көрүнүшү.

Азыр тил коргоого эмес, колдонууга муктаж. Биз бул тилекке сөзсүз жетебиз, анткени бизде эрк да, каалоо да, жалпы элдик да, саясий да колдоо бар.

Тарыхтын зор агымында эне тилди сактоо – катаал процесс. Статистикалык бүтүмдөргө караганда, бир миллиондон кем эл болсо, бул кылымда эне тили көптөгөн көйгөйлөргө кабылышы мүмкүн. Дүйнөнү каптап келе жаткан ааламдашууга улуттук идентүүлүгүбүздү аныктаган эне тилибизди, тарыхыбызды, маданиятыбызды жана географиялык-аймактык, чөлкөмдүк баалуулуктарыбызды, өзгөчөлүктөрүбүздү карама-каршы коюу жана гармониясын табуу менен ыңгайлаштыруу аркылуу жооп берүүгө милдеттүүбүз.

Айтмакчы, ар бир тил өзүнүн өнүгүшүндө белгилүү этаптарды басып өтөт. Тарыхка кайрылсак, Францияда 16-кылымга чейин илимий иштер, иш кагаздары латын тилинде гана жазылган. Француз агартуучулары Д.Дидро, Гольбах, К.Гельвеций, Ж.Руссолордун аркасында француз тили мамлекеттик макам алып, француз мектептери, окуу жайлар ачылып, иш кагаздары, илимий иштер француз тилинде 16-кылымдан баштап жүргүзүлө баштаган.

17-кылымга чейин Англияда француз тили мамлекеттик тил болуп келген. Чума оорусу Англияны каптап, билимдүүлөр, окумуштуулардын көпчүлүгү каза табышкан. Жөнөкөй, айылдык англиялыктар француз тилин билишкен эмес. Падыша айласыздан англис тилине мамлекеттик макам берип, 17-кылымдан баштап, Англияда англис тили колдонула баштаган.

19-кылымга чейин Россиянын окуу жайларында сабактар грек, латын, француз, немис тилдеринде жүргүзүлгөн. 1755-жылы Ломоносовдун демилгеси менен Москва университети ачылып, анда 3 факультет (юридикалык, философиялык, медициналык) болгон. Ал факультеттерде сабактар немис, француз тилдеринде жүргүзүлгөн. Ломоносовдун ишмердигинин аркасында университетте немис, француз тилдеринде сүйлөй албаган студенттер үчүн чакан тайпалар ачылып, сабактар орус тилинде жүргүзүлө баштаган. Ошол мезгилде айрым окумуштуулар: “Орус тили турмуш-тиричиликтин тили, илимий эмгектер кантип орус тилинде жазылсын?” - деп туура эмес көрүшкөн.

Мына ошондуктан тил өзүнүн өнүгүшүндө белгилүү кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Азыр да кыргыз тили оор түйшүктү башынан кечирүүдө. Эгер биз бүгүнкү күнү кыргыз тилинин түбөлүктүүлүгү үчүн жоопкерчилигибизди сезбесек, аны өнүктүрүүгө күч-кубатыбызды, билимибизди кошпосок, эртең мамлекеттин тагдыры, коопсуздугу жөнүндө маселе күн тартибине коюлуп калышы мүмкүн эмес деп ким кепилдик бере алат?

Биз ааламдашуу процесстери өтө жигердешкен доордо жашап жатабыз. Азыр экономикалык жана саясий субъектилер жаңыланууда. Илимий-техникалык, заманбап маалыматтык-технологиялык прогресс тездик менен алдыга жылууда. Рынок атаандаштыгы болуп көрбөгөндөй өсүп, коммуникация түзүмү ыкчам жогорулоодо. Мунун баары жарандык коомдун активдешүүсүн аныктап, керектүү адистерди сапаттуу даярдоонун жаңы технологияларын издөөнү талап кылууда.

Өзгөчө, ушу тапта жаңыча билим жана маалыматтык технологиялар жер шаарынын калкынын жашоо шартынын сапатынын көрсөткүчү катарында дүйнөлүк коомчулукту олуттуу өзгөрүүлөргө кириптер кылууда. Натыйжада, өнүккөн жана өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн ортосунда кескин ажырымдар байкалууда. Ошол себептен, өз жерибизде өзүбүз мамлекеттик тилибизде илимий жана технологиялык инфраструктураны жогорулатуунун үстүндө талбай иштөөбүз зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, университеттерибиз мамлекеттик тилде бир эле учурда билимдин, илимдин жана инновациянын борбору болуп калуунун айдыңына өтүшү зарыл. Асыресе, теориядагы синергетиканын мындай түрү жаңы билимдерди эне тилинде берүү (билим берүү), түзүү (илим) жана ишке ашыруу (инновация) процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн жалпы окумуштуулар жамааты демилгелүү изденүүгө өтүшү абзел.

“Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, телерадиокомпаниялардын программаларынын 50%ы мамлекеттик тилде болууга тийиш. Менчигинин түрүнө карабастан, бардык телерадиокомпанияларда мына ушундай контентти уюштурууну иштиктүү колго алуу зарыл. Бул багытта Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп, тийиштүү чечимдерди чыгарып турушу максатка ылайык.

Мамлекеттик тилди билүү – Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана ыйык милдети. Бул өлкөнүн жарандарынын коомдук турмушка активдүү катышуусуна жана эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктоого түрткү берет.

Ошону менен бирге, көп тилдүү билим берүү долбоору практикаланууда. Бул эки же андан көп тилди колдонуу мүмкүндүгүн айкындайт. Бул терминди ЮНЕСКО 1999-жылы киргизген жана ал билим берүүдө кеминде үч тилди, эне тилин, мамлеттик тилди жана эл аралык тилди колдонууну билдирет.

Кыргыз элинин өнөрү, акылмандыгы, кудурети, маданияты – сөзүндө. Ар бир сөздүн тарыхы, анты, мистикалык сырлары, табышмактары болот. “Өнөр алды – кызыл тил”, - деп, кыргыз эли сөздү көздүн карегиндей кадырлап, өтө этият пайдаланышкан. Бардык элдин XXI кылымга бапестеп жеткирген рухий мурасы, сөз казынасы, накыл сөзү, эне тили болсо керек. Элибиздин ар бир сөзү алтын кыш сыяктуу асыл, андан ата-бабаларыбыз опол тоодой сепил курушкан. Демек, өлкөбүздө рух сепили, ынтымак сепили, биримдик сепили, достук сепили түбөлүк чыңдала берсин!

*(Аягы)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН
№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

Мелис МУРАТАЛИЕВ:

# Санжыранын орду жана замандын талабы

**(Текст «Кыргыз таануу» курсунун видеоматериалынан жазылып алынды)**

*(Башы өткөн санда)*



Санжыранын жашоодогу орду. Санжыра - бул жөн гана оозеки, муундан-муунга өтүп келген болмуш, тарых. Бирок кээде биз санжырадан кадимки дүйнөлүк окуяларды да таап чыгып жатабыз. Ушунун өзү кызык болуп жатат да. Мисалы, кызыккандар болсо, санжыранын бир нече түрлөрү бар. Бизге бүгүнкү күндө басымдуулук кылып, биз сүрүп жаткан санжырабыз 15-кылымдан берки Долон бийден берки санжыра. Андан ары жок да. Андан ары кыргыз эли жок деген эмес. Советтер доорунда, ошол эле Таласта Үмөт молдонун санжырасы болгон. Анда кыргыз урууларынын биримдиги Мухаммед пайгамбар жаралгандан 1500 жыл мурда пайда болгон. Тактап айтканда, б.з.ч. 1000-жылда кыргыз урууларынын биримдиги болгон, ушундай маалыматтар бар. Кээ бирлер үчүн бул жомок. Ким билиптир, барып көрүптүрбү деп мамиле кылабыз. Азыркы учурда билесиңерби, Президенттин тапшырмасы боюнча Кыяс Молдокасымов атайын "Мурас" деген фондду жетектеп, Кытайга иш сапары менен барып-келип жатат.

– Эмне маселе менен барып жатат? Ошол жерде эмне табылга табылды эле?

Акыркы ачылыш боюнча Кыяс Молдокасымов илимий иш сапары менен барып, алардын архиви менен келишим түзүп, бизден 2-3 жаш окумуштуу барып, ошол жердин архивин казып окуп, иштеп жатышат. Кыскасы, жөнөкөйлөтүп айтайын, б.д.ч. 980-жылдан 1200-жылга чейин Кытайдын бир династиясынын тарыхында "кыргыз" деген этноним чыгып жатат. Б.д.ч. 1000 жыл илгери. Кыргыз этноними деген кыргыз биримдиги, кыргызга - эл болуп бириккенбиз деген сөз. Анан аң кызыгы, көп айтышпайт да, бир жолу гана айтып коюшту. Мындай эскерүүлөр бар экен, б.д.ч. 1000 жыл илгери Кытай мамлекетине кыргыздар гуманитардык жардам көрсөткөн.

– Суроо: Кытай өзү дүйнөнүн дүңгүрөтүп "Биз мамлекетпиз, биз цивилизациябыз, жазуубуз, башатыбыз, дүйнөнүн тарыхы бизде бар" деп кыйын болуп, дүйнөгө таанылып келе жатат. Ооба, өзүнчө цивилизация жараткан эл, бирок башына иш түшүп кыйналганда кыргыз эли жардам бериптир да. Ошондо өзү цивилизация болуп, мамлекет катары өзүн көрсөтүп жатса, аларга жардам бере турган кандай эл болуш керек? Кем дегенде алар менен тең болуш керек. Элдүүлүгү жок, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгара албай, өзүң менен тытышып ыркың жок болсо, Кытайдай мамлекетке көмөк кылып, жардам бере аласыңбы? Мүмкүн эмес. Демек, туптүүлүгүбүз ушундан кабар берип жатат. Ошол кезде биз кыргыз деп аталып, эл, уруулардын биримдиги катары - биз ошондой өзүбүздүн жардамыбызды көрсөтүп жатабыз. Ооба, коңшу душманыбыз. Бирок кошуна менен кошунадай жашаш керек. Ушундай маалыматтар бар. Ушул маалыматтар кийин эле пайда болду. Үмөт молдо кайдан билиптир, бирок санжырадан улам айтып келген. Б.з.ч 1500 жыл мурда кыргыз урууларынын биримдиги тууралуу сөз болгон. Биримдик бул – эл, элдүүлүк. Эл деген биримдикке келип, уюшуп, мамлекет куруп жашады деген эле сөз. Дааналап, так жазбайт. Бирок ошол маалыматтарды окуп, чечмелей билиш керек. Бир көрүп, бир уккандагы бул жөн эле маалымат. Сүрүштүрүш керек, баарын чогултуп келсең, аныктык чыгат. Тоголок Молдонун дагы биздин доорго чейинки санжыраны сүргөн санжырасы бар. Бир топ санжыралар бар. Ошол үчүн санжыра бул жомок эмес, бул кадимки эле биздин басып өткөн жолубуз, тарыхыбыз. Болгону, үзүк-созук болуп калган. Бир доор жөнүндө бир аз айтылса, ортосунда боштук болот, кийинки доор башталат, ошону менен башынан аягына чейин сыдырып, эч кеми жок сыза албай жатабыз.

> Ар бириңер өз урууңардын санжырасын балдарыңарга көрсөтүп койсоңор, бул жандуу матрица

Азыркы, Долон бийден берки санжырабыз боюнча Оң, Сол, Ичкилик канатка бөлүп келебиз. Көрсөткөнүмдүн себеби, бул менин жеке турмуштук мисалым. Санжыранын жашоодогу орду керекпи же кереги жокпу? Көптөргө санжыра айтсаң "Ой, эски жомоктун эмне кереги бар?" деген ой жаралышы мүмкүн. Санжыра, тарых, тек бул – бир. Бир орчундуу маселе бар – улуу элдин урпагы боло албай жатабыз. Атыбыз бар, затыбыз келишпейт, ошол улуулукту кайра өзүбүз уюта албай жатабыз. Болбосо бизде анчамынча улуулуктун учкундары бар, күндө эле көрөбүз, бирок бир түйүнгө алып келип, ошону уютуп, сапатка келе албай жатабыз. Маселе ушунда. А болбосо, жөн гана жомок эмес, жөн сөз эмес, ар бирибизде бар нерсе, чогултуп уюта албай жатабыз.

Мен Чүйдөн болом. Чүйдө он-он беш жыл мурда уруулар ынтымагы күч алды. Бизде эле эмес, Кыргызстандын бардык жеринде эле болду го «Баланча уруулар ынтымагы чогулуптур» ж.б деген. Жашыргандa эмне, кыргыз үчүн бул болуп эле келген нерсе, кадимки катардагы эле көрүнүш, мындан ардан-баш керек, уялбаш керек. Ата-бабасын эскерип коюу жаман эмес. Маселе ошону саясатка колдонуу - бул туура эмес. Бирок текти билүү, санжыраны тактап, ким кайдан, ким ким менен тууган экенин аныкташ - бул кызык нерсе. Мен өзүм шаардык болуп, "балконский" дегендердин биримин. Бирок айылга барганда: "Сен шаардыксың. Сен эмнени билесиң?!" - деп башымды көп ооруткан. Бирок эми заман өзгөрдү, билим алдык, окудук, изилдедик. Айылга барганда "уруучулук" темасы көтөрүлүп калды. Биздин айыл чакан эле, беш урууну өкүлдөрү жашайт. Кээ бири билбейт, болбосо күнүмдүк жашоо турмушу ошол. Учкуну бар, бирок бир бүтүндүк, философиялык, дүйнө таанымдык деңгээлдеги «А»дан «Я»га чейинки анык, так көрсөтүп бере турган нерсе болбой жатат. Анан санжыра тууралуу сөз кылып, кийинки жаштарга түлөө өткөрүп, урууну өкүлдөрүн чакырдык. Санжырадагы уруубуздун жолун белгилеп көрсөттүк.

Менин жолума келсек, Оң канат - Тагайдан Богорстон, Богорстондон Солто, Солтодон Чаа, Чаадан Талкан, Талкандан Кошой, Кошойдон Саргалдак. Биздин уруубуз – Саргалдак. Саргалдактан төртөө: Баялы, Жаңыбай, Кожоке жана Кожобек. Баялыдан Мураталы, Мураталыдан Жайлообек. Ушунун баарын (урууну жалпы тизмегин) айылга барып көрсөттүм. Мураталыдан ылдый түшүп, бүгүнкү төрөлгөн балдарга чейин түзүп чыктык. Ушинтип көрсөтүп, таанытып, колдоруна бердим кагаз менен. Ишенесиңерби, бир айда айылдын ичинде ушул эле тема да. Кайсы үйгө кирбе ушуну талдап, тактап отурган адам. Сөзгө, эпке келип, мурунку таарынычтар болсо кечирилип ж.б. Мунун баары жалпы тамырды, текти таануу. Эң кызыгы, жөн эле ата-тегимди сүрүп койгон жокмун да, булардын ар кимиси өз аталарын мыкты билет. Бий болгон, эл башкарган, согушка барган ж.б. билет жана бири-бириникин угуп отуруп чыныгы санжыралуу болушкан. Себеби ар ким өзүнүкүн кубалаcа эле билет, бир туугандардыкын угуп отуруп. Айылдын эли ушунун негизинде ынтымакка келгенин көрдүм, байкадым өзүм. Менин башыман өттү. Аны менен токтоп калган жок. Мага кайрылып жатышат, сенин эле колуңан келет, ошол санжырага толуктоо киргиз деп. Кийинки төрөлүп жатат да неберелер. Китеп жазабыз деп аракет кылып жатышат. «Кадимки китеп болбосо да, кагазга түшүрүп, кийинки балдарга өткөрүп бергенге жакшы көрсөтмө болот экен», - дейт. Биздин айыл менен чектеш болгон Саргалдак уруулары да жолду улап, өздөрүнүкүн көтөрүп, бүгүнкү күндө төрөлгөндөрдү алар да тизмектеп жатат. Анан Момокон деген биздин уругубуз бар. Момокондун ичинде алты аялынан он үч баласы бар экен. Ошонун баарын болбосо да, көбүнүкү бүт такталып жатат. Бул эмнеге жардам берет? Бул биринчиден, айылдык деңгээлде эле урууучулуктун негизинде ынтымак, биримдикти бышыктайт. Айылда жаңагы ынтымак деген түшүнүк бар да, ээ? Ынтымак деген кенен түшүнүк го.

Ынтымак деген эмне? Ынтымакты ким кандай түшүнөт? Биримдик деген ынтымакпы, ынтымак деген биримдикпи?

Ынтымак деген камкордук да, кайсы бир деңгээлде кам көрүү, жардам берүү, көмөктөшүү деген. Айылдын деңгээлинде ынтымак, жамандык-жакшылыктагы ража, ража - ынтымактын бир белгиси. Ража боюнча айылдын ичинде биз мынчадан чыгарабыз дейбиз. Анан көчөнүн өзүнүн ражасы бар. Анысы, мисалы, 200 сом болот. Айылдын ичинде ар кошкон урую болсо, анда уруунун ражасы бар. Катыш деп да койсок болот. Андан сырткары, теңтуштар, достор бар. Айылдын ичинде ар бир жылдын өзүнүн ражасы бар. Айылда бирөөнүн жакшылык тою болуп жатса, айыл ражаны бир барып төлөп келиши мүмкүн.

Ынтымак деген ар бир деңгээлде биримдикти камсыз кылуучу курал. Ынтымакты бекемдей турган дагы көп нерселер бар. Санжыра - тегин, ата-бабасын аныктоого жардам берет. Негизги табигый күч тууганчылык жакындыкты камсыздайт. Жаман болсо да балабызды жакшы көрөбүз, туурабы? Же болбосо, ким бир тууганынан баш тартат? «Кой аксагы менен миң», - дегендей, бүтүндүктү сактайбыз да. Ошол санжыра аркылуу биз элдин бүтүндүгүн сактайбыз. Ар бириңер өз урууңардын санжырасын балдарыңарга көрсөтүп койсоңор, бул жандуу матрица. Бүтүндүктө, айкалышып иштейт. Демек, ар бир атуул эл деген ыйык күчкө таандык экенин билгизип, кызмат өтөш керек. Кыргыздын уулу болуш үчүн, кыргызды таануу зарыл. Кыргызды жөн эле окуп таанып койбой, чыныгы тааныш керек. Ар бир кыргыздын ордун аныктап биле жүрүш керек. Бул санжыра аркылуу оңой эле чындап келгенде. Санжыранын өзүн толук айтуу мүмкүн эмес, мен орду тууралуу айтып бердим.

*(Аягы)*




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5
(315)
28
05
2025
kyrgyztili@mail.ru

# Акындан айрылуу



**Садык АЛАХАН, филология илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору**

Мындан отуз бир жыл мурда гезит беттеринде жарыяланган бул эссебиз окурмандар арасында зор кызыгууну жараткан болчу. Адабият сүйүүчүлөрдүн бүгүнкү күндө да айтылып жаткан өтүнүчтөрүн эске алып жана залкар акыныбыз Жолон Мамытовдун (1940-1988) туулган күнүнүн 85 жылдыгына карата, ошондой эле 28-30-май күндөрү ордолуу Ош шаарында өткөнү жаткан түрк тилдүү элдердин жаш акындарынын "Жашыл аалам" деп аталган поэзия фестивалын утурлай, дагы бир жолу окурман журтка тартуулап коюуну ылайык көрдүк.

**1**

Адам турмушунун күзгүсү болгон адабияттын алмустактан бери келаткан жолунда ага адал кызмат өтөп, анын аруулугун андан бетер арттырган ашкере пакиза өкүлдөрү ар убакта боло келиптир. Адабий ишмердиги менен адамдык насили бөтөнчө бир шайкеш келген андай инсандар адабий турмуштан айкын болуп жүргөндөй, тилекке каршы, анча деле арбын болбойт экен. Төл адабиятыбызда аруулуктун мындай айныксыз белгиси болуп, өзүмдүн жеке ишенимимде, алгачкы муундун өкүлдөрүнүн арасынан айтылуу Мукай Элебаев эсептелсе, адабиятыбызга алтымышынчы жылдары келишкен муундун ичинен Жолон Мамытовдун адамдык асыл сапаты өзгөчө бир сезимди пайда кылат. Ырасында эле, акын мага мейли адабий чөйрөдө болсун, мейли окурмандар арасында болсун бөтөнчө жаралган жан катары элестелер эле.

Эсимде, он жети жаш боз түлөк курагымда чакмак дептердин ортосунан чыгарылган баракларга жазылган «Жалгыз өрүк», «Балапан», «Анда ушул күн эле» деген үч аңгемемди окуп жүргөн китебимдин ичине салып алып Ош радиосуна келген элем. Сүрдөгөндөн калтырак баскан бутумду араң сүйрөй, кулагыма чейин кызарып, элейе кызыл имараттын биринчи кабатындагы бир бөлмөнүн эшигин зоргодон зорго ачкан болчумун. Бөлмө чоң эле. Мындагы столдор биздин мектеп-интернаттын мугалимдер бөлмөсүндөгүдөй төргө, терезелердин түбүнө, капталдата эмес, негедир эки дубалды туташтыра бурчтарга коюлуптур. Кызара кирип келген мени мындагылар бурч-бурчтан тиктеп тургандары али күнчө көз алдымда. Бул көрүнүш - муздак калтырак басып, босого аттаган жанымды ансайын оңтойсуз абалда калтырган эле. Баарысы бир оздон: «Кел, кел», - дешип, эмне алып келгенимди сурашкан болчу. Төркү сол бурчта олтурган ак жуумал келген, алагар көз, олбурлуу адам мындагылардын башчысындай сезилди. Интернаттын директору Хамид Сатаровичтен башка жетекчи көрө элек болчумун. Тилим араң күрмөөгө келип, аңгеме алып келгенимди айттым. «Аа, мага келген турбайсыңбы. Кел, бери кел», – деди оң бурчтагы кара тору, мурду шиштийген (ошол шиш мурун алигече көз алдымда) киши. Көрсө, сол бурчтагы ак жуумал келген, алагар көз, олбурлуу адам Жолон Мамытов, оң бурчтагы мени өзүнө чакырган Абдимитал Камалов экен. Жолон аганы эң биринчи ушундайча көргөн элем. Мезгил өтүп, кийин жакшылап таанышканбыз. Оштү аралап аккан Ак-Бууранын боюндагы Төлөйкөн деген айылда туулуп өскөн экен. Кийин Жолон ага баш калаабызга ишке которулуп келгенде да жолугушуп жүрдүк. Насип экен, өмүрүнүн соңунда акын ага Бишкектин түштүк багытындагы тоо тарапта жайгашкан абасы аңкый таптаза, күр-шар аккан дайрандын шоокуму укмуштай бир добуш менен угулуп турган, мээлүүн шамалы ар качан беттен сылаган ажайып кооз айылыбыз Беш-Күнгөйдөн дал биздин көчөгө жанаша турган Ткачев көчөсүнөн үй сатып алып, туз буйруп коңшу туруп калдык. Бул кезде Жолон ага Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын төрагасынын орун басары (а чынында, чыгармачыл союздагы иштин баарын кыймылдаткан, анын иш жүзүндөгү жетекчиси), жумуриятыбызга аттын кашкасындай таанымал акын болуп калган эле.

**2**

Кийин мен Москвага Адабият институтуна окууга кеттим. Кыргызстандан чыккан, өзүм сүйгөн гезит-журналдарга такай жазылып, үзбөй алып окуп турар элем. 1988-жылдын февралынын соңунда Жолон аганын «Турмуш бизди иргегенден иргеген» деп жалпы ат коюлган, бир бет толо жаңы ырлары басылган «Кыргызстан маданияты» гезитинин кезектеги санын алдым. Кудум орто мектепти бүтүп жатканда класс-класс болуп ар кимдин астына фамилиясы кошо жазылып түшчү сүрөттөрдөй болгон акын аганын тегерек алкакка алынган сүрөтүн кошо басыптыр гезит. Жашырганда эмне, акын бул сүрөтүндө өзгөчө чырайлуу эле. А ырлар болсо, ырасында эле сонун ырлар болчу. Ал эми марттын алгачкы күндөрү Бишкектен бир боорум Өмарбек телефон чалып, Жолон ага катуу ооруп, аны Москвага алып кетишкенин айтты. Мен, дароо кыргыз адабиятынын Москвадагы өкүлү, жазуучу Муса Мураталиевге телефон чалдым. Ал киши азырынча эч нерсени уга электигин айтты. Аңгыча 8-март да кирип келди. Казак, кыргыз балдар өтө ынтымак элек, чогуу басып, чогуу жүрчүбүз. Ошолордун бири Габиден Кулахметовдун бөлмөсүнө даңазалуу акын Олжас Сулейменов, казактын белгилүү жазуучусу, казак адабиятынын Москвадагы өкүлү, бизге такай келип турган Роллан Сейсенбаев ж.б. акын-жазуучулар келерин айтышып, мени да күндүзгү саат он экиге чакырышты. Айтылган убакытты күтүп бөлмөдө олтурсам, белгилүү акын Курбаналы Сабыровдун кызы, биздин институтта 2-курста окуган Лира кирип келип, Жолон аганын көз жумганын айтты. Ак сөзүм ушул, заманам куурула түшкөндөй болду. Саамга үн-сөзсүз олтуруп калдым. Бир топко барып эсимди жыйып, анан Муса агага телефон чалдым. Ал кишиден Меңди эженин (Ж.Мамытовдун жубайы) кошо келгендигин, эже, эртең саат он-он бирлерден тартып Кыргызстандын өкүлчүлүгүндө болорун айтып, ал киши токтогон бөлмөнүн номерин берди. Бүт ой-сезимим алай-дүлөй болуп, казак балдардын бөлмөсүнө барууну да эсимден чыгарып коюптурмун. Бир кезде Габиден ага чуркап келип, коноктор келишип, элдин баары чогулуп калгандыгын айта ээрчитип кетти. Келсем, Олжас Сулейменов менен Роллан Сейсенбаевден башка Финляндиянын маданият министри, өз элинде белдүү акын Пенти Холаппа, ал кишинин котормочусу жана да Роллан аганын уулу келишиптир. Биз менен окушкан өзбек, түркмөн балдар бар экен. Олтурушту Роллан ага алып барып жатты. Баарыбызды бири-бирибизге тааныштырды. Арийне, биринчи сөз Сулейменовго берилди. Даңазалуу акын орусча сөзүнүн арасында улам-улам «иншалла» деп коюп бир топко сүйлөдү. Көрсө, бул Олжас аганын өнөкөткө айланган адаты экен. Жөн эле сүйлөп жатканда да улам «иншалла» деп коёт экен. Ошондо гана мен Роллан аганын да «иншалла» деп сүйлөөрүн, анын мунусу өз кумирин айныксыз тууроодон болгон өнөкөт экендигин сездим. Роллан ага негедир мени такай «Садык төрө» деп коёр эле. Бул ирет да ушинтип атай сөз берди. Сөз берердин алдында менин көңүлүм суз олтурганымдын себебин айтып, Жолон аганы жакшы билгендигин кошумчалады. Мына ушул учурда Олжас ага да кепке кошулуп, кыргыз адабияты, чынында эле орду толгус жоготууга учурагандыгын, Жолон Мамытов өзгөчө чынчыл акын болгондугун айтты. Калемгерлердин көңүл айтууларына ыраазычылыгымды билдирдим.

Кечирээк болсо, биз менен окуган түркмөн жигит Акмухаммед Велсапаров бөлмөсүнө чакырып калды (Велсапаров, Сапармурат Ниязовдун (Түркмөнбашынын) кийинки иш стилине каршы чыгып, өз элинде жеке адамга сыйынуу башталганын айыптай, диссидент жазуучу катары Түркмөнстандан чыгып кетип, 1993-жылдын июль айынан тартып Орусияда, Москвада саясий түнөк алып, андан соң, Европага кетип, ошол жакта жашап, жазып жүрөт). Көрсө, аныкына түркмөн адабиятынын белдүү жазуучуларынын бири келген экен. Бул киши өз учурунда Жолон Мамытов менен Адабият институтунда чогуу окуптур. Акмухаммед Жолон аганын көз жумганын айтса, ошондон улам мени чакырткан экен. Ал киши Жолон ага экөөнүн Адабият институтундагы жылдарын, андагы кызыктуу күндөрдөн, «жигиттик жортуулдарындагы» боор эзген эпизоддордон айтып, тамашага чалып олтурду. Бөлмөмө келип, өткөндөгү «Кыргызстан маданиятына» бир бет болуп чыккан ырларын кайрадан окуп олтурдум. Бул ирет мага акын ага өлүм, ажал жөнүндө негедир көбүрөөк кеп кылгандай сезилди.

*Унуттук го өлүм барын ал эмес,*
*Биз ошондон буйтап калар өңдөнүп.*
*Же болбосо:*
*Тээ маңдайдан ошол жолду ырастап,*
*Бараткансыйт ажал шашып ыраактап.*
*Болбосо:*
*Ажалына - тике карап турса да,*
*Багынбаган адам күнүн мактадым.*
*Эч каякка качпайт өлүм, ал турат,*
*Доорон сүрсүн тынчтык күндөр жыркырак!*
*Дагы бир жерде:*
*Жылдыз болуп зор убакыт колунда,*
*Өлүм менен таймашчудай көрүндүң.*

Булар жана бул сыяктуу башка саптар негедир мурдагы окугандан башкача, өзгөчө бир сырдуу мааниси менен ачылып жаткандай сезилди бул ирет.

**3**

Эртеси Муса Мураталиев айткандай, саат он экилерде Кыргызстандын өкүлчүлүгүнө бардым. Меңди эже токтогон бөлмөгө карай бет алдым. Денемди калтырак басып, кантип жолугарымды билбей бараттым. Каалганы такылдатсам жооп болбоду. Акырын түртсөм ачылып кетти. Төрт керебет коюлган бөлмөдө эч ким жок экен. Ортодогу чакан столдогу табакчада көрүнүшүнө караганда эскирип катып калган үч-төрт тилим нан, эки-үч карамель конфети жатыптыр. Бөлмөнүн ичи негедир көзүмө суук көрүндү. Аңгыча эшик ачылып, көзү-мурду балая көөп шишиген Меңди эже кирип келди. Кой деп коёр адам жок ээн бөлмөдө экөөбүз оо-о көпкө-көпкө ыйладык. Мен түк соороно албай койдум. Кайра Меңди эже өзү зорго сооротту окшойт. Тээ бир оокумда барып, араң-араң басылгандай болдук. Бул ый - эч бир сөз менен айтып берүүгө болбой турган армандын муңу эле, бул ый - жүрөк-жүлүндү өрттөгөн күйүттүн муңу эле.

Меңди эже акын аганын оорусу эмне деген дарт экендигин, шыпаа издеп эмнелерди жасашкандыгын, Бишкекте кантип дарылангандыгын айтты төкпөй-чачпай. Эсил кайран бу дүйнө!.. Сыртта сампарлап кар жаап кирди. Эшик ачылып, Мамытовдордун үй-бүлөсүнүн чоң досу, москвалык белгилүү акын жана котормочу Михаил Синельников жубайы менен кирип келди. Меңди эже кайрадан аза ыйына түшүп, Синельниковдун аялы экөө тең бир топко барып араң басылышты. Анан алар эжени мейманканага таштабай алып кетмек болушту. Ч.Айтматов: «Телефон чалсын», - деген экен, вахтадагы телефонго барып (бөлмөдө телефон жок эле), эже ал киши менен сүйлөшүп келди. Чыңгыз агай, бишкектегилер менен кабарлашкандыгын, Меңди эженин сөөктөн мурда баруусу лаазым экендигин, депутаттык билети менен бүгүн түнү Чыңгыз агай өзү учакка салып коё турганын айтып келди. Мен да «Москва» мейманканасында турган белгилүү калемгер, Кыргызстан жазуучулар союзунун катчысы Өскөн Даникеевге телефон чалып, эртең саат тогузда мейманканадан жолугушуп, анан табытты узатмак болдук.



Кар дале сампарлап жаап жатты. Сыртка чыгып такси тостум да, Фили жакта (Асанбай, Кызыл-Аскер, Туңгуч деген сыяктуу эл жашаган конуш) жашаган Синельниковдордукуна эжени узатып келдим.

*(Уландысы кийинки санда)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)

28 05 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Окуучунун мамлекеттик тилде бай лексика менен сабаттуу сүйлөй жана жаза билиши – кыргыз тилин окутуудагы реалдуу натыйжаны көрсөтөт



**БАЙГАРАЕВА Элизат, Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси**

Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн методикалык кабинети тарабынан жыл башында кыргыз тилин окутуунун методикасын жакшыртуу боюнча иш-чаралардын планы түзүлүп, секциялык бирикмелердин сунушу менен семинарлардын графиктери бекитилип, аткарууга алынды. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн тажрыйба алмашуу, дасыккан кесипкөй, чыгармачыл мугалимдердин усулдарын жайылтуу, усулдук колдоо көрсөтүү максатында семинар-тренингдер бай-ма-бай өткөрүлүп келет. Ар бир мектепте усулдук бирикмелер түзүлгөн. Аталган бирикмелер аркылуу мугалимдерди шыктандыруу, окутуу жөндөмдүүлүгүн көзөмөлдөө, усулдук жардам көрсөтүү багытындагы иштер жана окуучулардын билим сапатына мониторинг жүргүзүлүп, жыйынтыктары чыгарылып турат.

**Кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн мугалимдер эмнелерге көңүл буруу керек?**

Кыргыз тили предметин окутуунун негизги максаты - окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн (сүйлөөсүн, баарлашуусун) жакшыртуу жана өркүндөтүү, б.а. окуучу, өспүрүм жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилинен билим алуу процессинде улуттук менталитеттин базасында мыкты, маданияттуу сүйлөй жана өз оюн мыкты жаза билүүгө тийиш. Эне тили сабагы окуучуга ар кандай турмуштук чөйрөлөрдө, жагдайларда кимдер менен кандай сүйлөшүүнүн стандарттуу жана стандарттуу эмес негиздерин, маалымат алмашуунун түрдүү жагдайларын, этномаданий баалуулуктарды туюндурган текстти толук түшүнүүнүн жана түзө билүүнүн ыкмаларын үйрөнүүсү шарт. Жогорудагы белгиленген көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн мугалим бүгүнкү күндүн талабына ылайык билим берип, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыра алган заманбап окутуунун усулдарын пайдаланып, чыгармачылык менен иш алып барууга багыт алышы керек.

**Окутуу усулу деген эмне?**

Окутуу усулу – окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялоого жана өстүрүп-өнүктүрүп, чыгармачыл инсан болууга даярдоого багытталган мугалим менен окуучулардын арасындагы өз ара максаттуу биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасы.

Демек, окутуу методу үч нерседен: окутуунун максатынан, окуучунун окуп үйрөнүү ыкмаларынан жана окутуучунун (мугалимдин) окутуу ыкмаларынан турат. Окуп үйрөнүүнүн максаттарын жана мыйзамченемдүүлүгүн билбей туруп, мугалимдин окутуунун максаттарына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-аракеттеринин эффективдүү ыкмаларын табуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, окутуу методдорун жана окуп үйрөнүү методдорун өз ара бир-биринен жана окутуунун максаттарына туура келтирбей айрым-айрым аныктоого болбойт.

**Кыргыз тилин окутуунун методикасы төмөндөгүдөй бөлүмдөрдөн турат:**

• Сабатка үйрөтүүнүн методикасы;
• Окуунун методикасы;
• Грамматика жана туура жазуунун методикасы;
• Оозеки жана жазуу кепти өстүрүүнүн методикасы;
• Кыргыз тилин окутууну пландаштыруу жумуштары.

**Кыргыз тилин окутуунун милдеттери:**

- Тилдик көрүнүш фактыларды талдай алат жана тилдик нормаларды оозеки, жазуу кебинде колдонот;
- Жүрүм-турумдук, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу), карым-катнаштын ар кыл чөйрөсүндөгү кептик жүрүм-турум маданиятына ээ болот жана өзүнүн оозеки, жазуу кебин өркүндөтүүгө жөндөмдүү;
- Тилди элдин маданиятынын бир бөлүгү катары таанып жана улуттар аралык маданияттын карым-катыш формаларына ээ болот.

Демек, кыргыз тили сабагы аркылуу окуучу кыргыздын элдик тилин, маданиятын үйрөнөт, тил аркылуу бала өз улутунун идентүүлүгүн алып жүрөт, улутунун рухий, маданий байлыгын көрсөтөт, далилдейт, сактайт жана башкаларга өткөрөт, башкаларга өрнөк кылып көрсөтөт. Ар бир кыргыз баласы өз тилинде эркин сүйлөө менен, өзүнүн улуттук тилине жасаган мамилесин жана өзүнүн жеке маданиятынын да деңгээлин көрсөтөт. Окутууда мугалим дал ошол көндүмдөр окуучуларда калыптандыбы, кайсы жагынан жетишип, же тескерисинче, чабал болуп жаткандыгына көңүл буруп, тынымсыз анализ жүргүзүп, натыйжага багыттап иш алып баруусу зарыл.

**Бул багытта ишмердүүлүгүн жүргүзгөн мугалимдер эмне дейт?..**



**Ибраимова Элмира, Талас райондугу Асылкан Бөрүбаев атындагы Көк-Арык орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими**

Быйылкы окуу жылында кыргыз тилин окутууда негизги максатыбыз - окуучулардын тилге болгон кызыгуусун ойготуу, эне тилди терең жана аң-сезимдүү өздөштүрүүгө өбөлгө түзүү.

Кыргыз тилин окутуунун артыкчылыктары: кыргыз тилин үйрөнүү менен окуучулар улуттук маданиятты, тарыхты, салт-санааны терең түшүнүп, өз элине болгон сый-урматын арттырат.

Ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү: эне тилде сабак өтүү аркылуу балдар логикалык, креативдүү ой жүгүртүүгө жана кыргызча ой толгоо, пикир билдирүү көндүмдөрү калыптанып, коомдо өз оюн так айтууга үйрөнүштү. Тексттерди окуп, суроолорго жооп берүү аркылуу ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү өсөт.

**Колдонулган эффективдүү усулдар:**

Быйылкы окуу жылында, айрыкча, Бектур агайдын сунуштаган бир нече усулдары бизге жакшы натыйжа берди, мисалы: кештелери, кеп куржундары, чежире топтому менен бааласак – рефлексия жана өзүнүн жетишкендигин билишет.

Ошондой эле, диалогдук окутуу, топтук иш, интерактивдүү тапшырмалар (Google Form, Quizizz, Wordwall ж.б.), видео жана аудио уктуруу ресурстарын колдонуу аркылуу да окутуунун сапатын жогорулатууга жардам берди.

Менин, окуучуларым менен бирге жетишкен ийгиликтеримдин бири – “Акыл таймаш” интеллектуалдык оюнунун республикалык турунда байгелүү 2-орунду камсыз кылдык.

Кыргыз тилин жогорку деңгээлде жеткирүү үчүн сунуштар:

● Сабактарда жашоо-турмушуна байланышкан, практикалык темаларды көбүрөөк колдонуу;
● Окуучулардын кызыкчылыгына жараша материалдарды тандоо;
● Сабактарда фразеологизм, накыл сөздөрдү кебине кошуп сүйлөтүүгө, ой жүгүртүү көндүмдөрүн активдүү өнүктүрүүгө үйрөтүү.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилин окутууда усулдардын түрдүүлүгү, мугалимдин чыгармачылыгы жана окуучулар менен болгон жандуу байланыш чоң ролду ойнойт. Бектур агайдын сунуштаган усулдарын колдонуу – тилди окутууну натыйжалуу жана кызыктуу кылууга өбөлгө түзөт.



**Алтымышова Салтанат, кыргыз тили жана адабияты сабагынын Талас райондук, шаардык бирикме жетекчиси**

Мектептерде кыргыз тили сабагын окутуунун сапатын жогорулатуу багытында бир катар маанилүү иштер аткарылды. Бул иштердин негизги максаты - окуучулардын кыргыз тилине болгон кызыгуусун арттыруу, функционалдык сабаттуулугун өнүктүрүү жана тилди турмуштук кырдаалда колдонуу жөндөмүн жогорулатуу болду.

Окутуунун ыкмаларын жаңылоо:

- Сабактарда активдүү окутуу ыкмалары, топ менен иштөө, долбоордук усулдар кеңири колдонулду;
- Көрнөк-жарнактар, презентациялар жана интерактивдүү материалдар сабакка киргизилип, окуучулардын кызыгуусу артты.

Функционалдык сабаттуулукту өнүктүрүү: ар түрдүү турмуштук тексттер менен иш жүргүзүлүп, окуучулар ой жүгүртүүгө, текстти түшүнүп, чечмелөөгө үйрөтүлдү.

Кыргыз тилин окутуудагы бул аракеттер тилге болгон сый-урматты, кызыгууну арттырууга, ошондой эле, окуучулардын тилдик көндүмдөрүн чыңдоого өбөлгө түздү. Мындан ары да бул иштер системалуу улантылып, окутуунун сапатын жогорулатууга багытталат.

Кыргыз тили сабагында функционалдык сабаттуулук компетенцияларын баалоо жана калыптандыруу

Функционалдык сабаттуулук - бул окуучунун билимди турмуштук кырдаалдарда пайдалана билүү жөндөмү. Башкача айтканда, текстти окуп түшүнүү, маалыматты талдоо, ой жүгүртүү, өз оюн логикалык жактан туура баяндоо, сынчыл ойлонуу жана коммуникативдик жөндөмдөрдү колдонууну камтыйт.

Максаты:

- Окуучулардын функционалдык сабаттуулук деңгээлин калыптандыруу жана баалоо;
- Кыргыз тили сабагы аркылуу окуучунун турмуштук жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- Окуучуларды текст менен иштөө, ой жүгүртүү жана туура сүйлөй билүү көндүмдөрүнө үйрөтүү.

Калыптандыруу ыкмалары:

1. Текст менен иштөө

- Окуучуларга ар түрдүү турмуштук мааниси бар тексттерди сунуштап, аларды анализдөөгө үйрөтүү. Мисалы, жарнама, билдирүү, кат, макала, нускама, эскертүү сыяктуу тексттер;
- Көндүмдөр: окуп түшүнүү, негизги ойлорду бөлүү, тексттен маалымат табуу, пикир айтуу.

2. Сөз байлыгын өстүрүү

- Кыргызча түшүнүктөрдү кеңири колдонуу, синонимдерди, антонимдерди жана фразеологизмдерди практикалык түрдө колдонуу. Маселен, тексттеги маанини сөздөр менен айкалыштырып айтып берүү, диалог түзүү.

3. Сүйлөм түзүү жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү

- Күнүмдүк турмуштук темаларда ой жүгүртүү, өз оюн жазуу түрүндө билдирүү (кат, билдирүү, чакыруу);
- Эссе, дилбаян, суроо-жооп түрүндөгү жазуу тапшырмалары аркылуу логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

Кыргыз тили сабагында функционалдык сабаттуулук компетенцияларын калыптандыруу - окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүүгө, логикалык талдоого жана турмуштук кырдаалда тилди туура колдонууга үйрөтөт. Бул - келечек муунду билимдүү, жоопкерчиликтүү жана жашоого даяр кылуунун негизги баскычы.

“Кыргыз тили сабактарында функционалдык сабаттуулук компетенцияларын калыптандыруу жана баалоо” деген темада 72 сааттык окутуу болуп, жалпы Талас шаарынан, Талас районунан мугалимдер билимин жогорулатуу курсунан өтүштү. Окутуудан өткөн мугалимдер тажрыйба жайылтуу максатында январь усулдук кеңешмесинде жалпы кыргыз тили сабагынын мугалимдерине фрагмент сабактар, мастер-класстар өткөрүлдү. Мындан тышкары, райондук, шаардык кыргыз тили бирикмесинин семинарлары өтүлүп, ар бир семинарда мыкты мугалимдердин тажрыйбалары, окутуу усулдары жайылтылып турат.

Жыйынтыктап айтканда, Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмү жыл сайын мугалимдер арасында тажрыйба жайылтуу, усулдук жардам берүү максатында өткөрүлгөн иш-чараларга анализ жүргүзүп, жыйынтыгын чыгарып, айтылган сунуш-пикирлерди эске алуу менен натыйжага багыттап иш алып барып келет.

Кыргыз тилин окутуунун сапатын арттыруу үчүн окутуунун салттуу жана инновациялык-интерактивдүү методдорун колдонуу менен окуучуларда билим алуунун технологияларын калыптандырып, өнүгүшүнө өзгөчө маани берүү зарыл. Ошондой эле, кыргыз тили сабагынын мазмунун жандуу, кызыктуу, эмоционалдуу жана натыйжалуу баарлашуунун сабагына айлантуу – бүгүнкү күндүн талабы. Себеби, эне тили аркылуу улуттук, жалпы адамзаттык улуу дөөлөттөрдү, эне тилди, Мекенди, эмгекти кастарлап урматтоо, ыйык тутуу баалуулуктарына өспүрүм ээ болууга, мамлекеттик тилде бай лексика менен сабаттуу сүйлөй жана жаза билүүгө тийиш. Мына ушул багытта кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдери тынымсыз иш алып барууга милдеттүү.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)

28 05 2025

kyrgyztili@mail.ru

tilimpöz
ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН
№5 (315)
28 05 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Тилиңди сак



*Өз тилиңди үйрөн, бил жана аны*
*көздүн карегиндей сакта!*
*Ал сенин көрөр күнүң, ичер сууң!*

*Касым Тыныстанов*

*Улутчул дешет билбеген,*
*Улутун кимдер сүйбөгөн?*

***

*Эне тилин билбеген,*
*Эси жогун аныктайт.*
*Эне тилин сүйбөгөн*
*Элин сүйүп жарытпайт.*

*Байдылда Сарногоев*





*Эне тил билүү – эң*
*башкы маданият.*
*Ар бир адам өз эне тилин*
*билүүгө милдеттүү!*

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

# та, кыргыз!



*Тил жөнүндө сөз – улут жөнүндө сөз,*
*элдин түбөлүктүүлүгү – эне тилинде.*

*Чыңгыз Айтматов*





Калкын чанган,
калкынын тилин чанган,
Кан болсо да
кыргыздын баласы эмес!

***

Тил жоголбойт,
жоголсо, жоголот дил,
Уулуң дагы,
кызың дагы жоголот, бил!

*Шайлообек Дүйшеев*

*Эртең тилим*
*жоголору чын болсо,*
*анда жакшы бүгүн*
*өлүп калганым.*

*Расул Гамзатов*

tilimpoz
ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН
№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Ассолоооту жанооза! (эссе-диалог)



Дүйшөн КЕРИМОВ

**«Мен ой форманы өзгөрттүм, демек, өзүмдү да өзгөрттүм!”**

Оорукананын ээн бурчегинде, же образдуу айтканда оазистей фоэсинде эки адам олтурабыз. Ооруканаң түшкүрүңдү дени соо адам кайдан мактаар?.. А бирок береги дубалдарына илинген ар кыл сүрөттөр, учкул сөздөр, делбиреген терезе пардалар, полдо шөкөттөлүп, оймо-чийме коюлган карапа гүлдөр - оору көңүлүңдү оболотуп, бир паста сопсоо кылып жиберет да экен, эй!

Ошентип эки адам олтурабыз. Бирөө, албетте, ушуларды силерге божурап отурган, мен кесел. Кеселман дебегенде не дейин, Жаңы жылда эл тойлоп, жойлоп, жыргап жүргөнү менен эч ишим жок, мекиянын башкага тарттырып ийген жүдөө дакан корозчо калп эле дүкүйгөн, жайдары, шайдоот түр көрсөткөн болуп, а бирок агарим кызыл-кызыл кыялдарынан ажырабаган баягы мен.

А экинчиси, бая келгенде эле айдай бир жүзүн жарк этире баш ийкей учурашкандан кийин, туура тарап дубалдагы ажайып тоолор образы түшүрүлгөн зор полотно сүрөттү тиктеп ойлуу отурган, кайран, сайран, майрам кезинде алыскы боордош Мажар өлкөсүндө азаттыктын жана махабаттын пир акыны Шандор Петефинин:

“Аял болсо, шат болсун,  
Назик болсун, чак болсун!”  
- дегендей ак жуумал зайып.

Эми, ушундай жерде экөөбүздөн башка жан жок, эл четинде дудук болсоң да кеп баштайсың да. Кеп башы анау чыгарма болмушумдун башталышына көчүрүп коюп, ойлонуп отурган ушул сөздөн баштадым да...

– Кандай дейсиң, карындашым, ой форманы өзгөртсө эле, демек, өзүн өзгөртсө болобу? – дедим.

Ал, жана айтылгандай туура жактагы тоолордун сүрөтүн мелтиреп карап отурган дебедим беле, эми оңдолуп, ээн чөлдө калгансыгандай оюбашын жыйнай, менин маңдайымда илинип турган, анан тексте да кызык, текши аскадан куюлуп турган көк кашка суу образдын алдына татына жазылган, албетте, анын да автору жазылган эмес, окуду го, татына, жука эриндерин кыбыратып атыр...

– Болот, ака, – деди. Үнү да шаңгырай назик, бирок чечкинсиздей сезилди.

– Аа, мен да туура эле колдонуп атыптырмын да.

– Кайда колдонуп атасыз?

– Ээ, бир аңгеме болмушума эпиграф кылайын дегеним да...

– Эң туура кыласыз. Өзгөрүлөт. Өзгөртөбүз!



– Ош тараптан болот экенсиң, аа карындашым?

– Ооба да, а сизчи?

– Бу тараптан. А бирок Ошту ар дайым сагынам.

– Эмне үчүн?

– Оштон окугам. Ал кезде ОшПИ дечү.

– А өзүмдүн акам турбайсызбы? Мен да ОшПИни бүткөм.

– Анда, кенен эле сүйлөшө берели.

– Өзүңүз жүда ачык-айрым, кенен адам экенсиз го.

– Салтты бузуп эле айтайын, элүү жаштасың го?

– Дал үстүнөн түштүңүз.

– Юбилей качан анан?

– Апам, үкөлөрүм, эки кыз, бир уулум баарылап: Августта өткөзөлүк, - деп атышат. Мен ынабадым.

– Өткөрө бер, мен да барайын “однопалчан” болуп.

– Ээ, сизди ансыз да чакырам. А бирок, юбилей эмес, башка учурларда, башка жерлерге.

– Сен да мендей делбиреген апенди жан экенсиң го, юбилей эмес, туулган күн өткөргөн жан эмесмин. Себеби чоң атам – атакем: “Сарыбайым, ден соолуктуу ар бир таң - туулган күн!” - дей берип, таза мээме куюп коюптур.

– Атаңыз ажайып адам экен, аа! Мен да иш-пишимди жыйнап алсам, Кудаа кааласа, май айынан тарта элик жаштын урматына деп дүйнө кезип кетем.

– Менин да ташпишим ошол эле. Мен бечара не кылам анда?

– Сизди алып кетем да.

– А күйөөңчү?

– Күйөөм мындан 24 жыл илгери өлгөн, ака.

– Кайрат кыл!

– Ошол кайрат бар үчүн мынабу кеселкананы жеңип, эртең чыгып атам.

– Балдар кайда?

– Улуу кызым күйөөдө, кийинкиси жакында кетип жатат, уулум – балдарымдын кенжеси, апамдын колунда. Ал да эр жетти.

– Даа-а, калла бош дечи!

– Уулум гана али үйлөнө элек, ошол баатырга бир аз имерчиктейм.

– Айтчы, эмне иш кылдың, кыласың?

– Ээ, нени көрбөдүк. Мен жетекчи кызматта жүргөн бардар үй-бүлөдө чоңойгом. Күйөөм да мыкты адис болчу, тирүүсүндө мени да эч иштеткен жок. Анан көргүлүктү кийин көрдүм. Көп жылдар Москвада жүрдүм, бечара кыргыздын ушунча кор болгонун көрдүм. Бирок менин багым бар экен, жакшы адамдарга жолугуп, жолум ачылды. 90 жаштагы, оң төшүнөн ар дайым үч «Кызыл жылдыз» орденин түшүрбөгөн генералдын кызматчысы болдум. 105 жашында оо дүйнөгө узаттым. Атамдай эле... Кайран киши, басып жүрүп кетти. Жарым жылдай үйүнөн кете албай да жүрдүм.

– Жанагы, уулуңду айтып атасың, таенеси менен деп...

– Ооба, экөөнүн бак-шактуу, чоң короолуу үй-жайы, чарбасы бар. Андан кам санабайм. Бир гана жалгыз уулум атасын көрө албай калды. Ошол өкүт, ака...

– Көрбөй калганы кандай? Кенже уулум деп атасың го...

– Курсакта калды. А бирок, ака, билесизби? Ошол уулум курсакта жатып, атасынын жаназасына катышкан.

– Ошондой да болобу?

– Болот экен, ака! УЗИде эркек экенин билген атасы сүйүнгөнүн айтпаңыз! Алсырап жатып калганча: “Уулум бар!” - деп шыбырай берди. Анан сөөк жерге берилерде карылар, молдолор кеңешип атып, мени, курсактагы уулум экөөбүздү сөөк ээси катары жаназага тургузушту...

– Ээй, ыйлабай айтчы, карындашым. Мен да ыйлап жиберем.

– “Ассолоооту жанооза!” - дегенди эле бир билем, ары жагын билбейм. Алып кетишиптир...

---

Элмира АЖЫКАНОВА,  
акын-жазуучу

**Кыз баланы эрезеге жетти** деп айтпайт.  
Кыз бала бойго жетет, уул бала эрезеге жетет.

**Кар ээриди. Жылаан сойлоду.**  
Туура жазылышы: Кар эриди.  
Жылан сойлоду.

**9 апрельде боло турчу той.**  
Туура жазылышы: 9-апрелде боло турган той.

**Адамкерчилик. Тезиреек. Бет ачаар.**  
Туура жазылышы: Адамгерчилик.  
Тезирээк. Бет ачар.

**Чоогу иштегиле. Баардык өлкөлөрдө.**  
Туура жазылышы: Чогуу иштегиле.  
Бардык өлкөлөрдө.

**Жапаровко, Алиевке, Ташиевке.**  
Туура жазылышы: Жапаровго,  
Алиевге, Ташиевге.

**XX-кылым. V-том. XV-глава.**  
Туура жазылышы: XX кылым. V том. XV глава.  
(Рим сандарынан кийин сызыкча коюлбайт).

**“Бак ичинде торгой сайрады”**, - деп ыр жазган авторго сын айтып койсом, чычалаганын айтпа. Эки жеңин түрүнүп, мени менен күрөшкө чыкты го, чиркин!

Миң чычаласаң деле торгой эч качан бакта сайрабайт, тал-теректин арасында анын жумушу да жок. Ал - талаада жашаган куш. Уясын жерге (талаага) салат, жемин жерден таап жейт. “Суу жаңыртып Ала-Тоонун жылгасын, Талаа тыңшап торгойлордун ырдашын”, - деп Сооронбай Жусуев деген чоң акын бекер жазган эмес. О.Айтымбетов деген жазуучу “Торгойлуу талаа” повестин жазган. Мага ишенбесеңер да, ушул үлкөндөргө ишенет чыгарсыңар.

Ч.Айтматовдун Толгонайы менен Субанкулу эгин талаада жүрүп, торгой үнүн тыңшаганын эстейли. “Мына, биздин торгой сайрады”, - дейт эмеспи Субанкул.

Мага ишенбесеңер да, Айтматовго ишенесиңер го дейм...

Эмне десең дагы, торгой бакта сайрабайт, кагылып кетейин, калемгерим!



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)

28 05 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Мезгил, тагдыр күбөлөрү



**Памирбек КАЗЫБАЕВ, Алыкул сыйлыгынын эки жолку лауреаты, "Алыкул үйү-борбору" коомдук бирикмесинин жетекчиси**



Акындын жеке турмушу менен чыгармачыл чыйыры ырларында, айрым эскерүүлөрдө баяндалганына караганда, Көл кылаасы менен Сары-Өзөн Чүйгө көп байланышканы баамдалат. Көл тараптагы жерлердин ичинен Жети-Өгүз, Койсары курорттору, Чолпон-Ата шаары айрыкча көп аталышы табият кооздугунан жана акындын ден соолугунан улам экени талашсыз. Ал эми өзү туулган Кайыңды, телчиккен жери Токмок, билим алган ордосу Бишкектин катарында Сокулук жергеси да өмүр жолу менен чыгармачылыгында орчундуу орунду ээлегенине сереп салып көрсөк, Алыкул Осмоновду көргөн-билгендердин, жакын мамиледе болгондордун жана чыгарма каармандарынын, алыкултаануучулардын кыйла экендиги кызыктырбай койбойт экен.

Баян башын Асылбаш элинин кызы, Мукай Элебаевдин жубайы Бурулча эжеден баштап, сокулуктук жыйырмага чукул инсандар ибараты менен улантса болот.

Гезиттин шартына карап, алардын бардыгы жөнүндө толук маек куруу мүмкүн эмес болгондуктан, айрымдары жөнүндө кыска-нуска кеп салуу туурадыр. Акынды боз улан кезинен билип, Зейнеп менен болгон ашыктык мамилесине күбө өткөн, экөөнүн жубайлык тагдырына өкүнгөн Бурулча эженин эскерүүсүн өз оозунан жазып алганым - менин алыкултаануудагы алгачкы тушоо кесерим болгон эле.

Ал эми Зууракан Кайназарованын эмгектеги эрдигин кандай даңазалап сүрөттөгөнү мүлдө кыргызга маалымдыр.

Жигиттин махабат отун ата-энесинин эркине баш ийүү менен аргасыз өчүргөн Айдайдын армандуу өмүрү акындык дымагын эргиткенине айрыкча "Жолборс теричен баатыр" котормосу даана далил экендигин ким билбейт.

Акындын педтехникумдагы курсташы жана жакын досу Шайык Жамансариев аксакалдын токсонго чыкканда ыйык сыр катары айтып бергени боюнча Алыкулдун анык сүйүүсү Сокулуктун 1-майлык дагы бир кызы Сагынбаева Аписа (Уруяпса) болуптур. Тартынчаак акын аяр мамилесин ачык айткандан ыйбаа кылып жүргөндө ашыгын башка жигит алып кеткен экен.

Ал эми кызыл-туулук Сүйүн Керимбаев чогуу окугандан тышкары, жакын сырдаш, илим-билим жана адабият боюнча пикирлеш экендигин "Сүйүмкулдун айылында" деген ыры, экөөнүн жазышкан каттары, чогуу түшкөн сүрөтү тастыктайт. Айтмакчы, экөөнүн Төш-Булак капчыгайында жанаша түшкөн сүрөтү бардыгын өткөн жылы айткан жакын туугандарынан ошол баалуу элести качан көрөбүз деп күткөндөр улам көбөйүүдө.

Сүйүн агабыз согуш ардагери, тарых илимдеринин доктору, тарых музейин негиздеген алгачкы директору жана "Кыргызстан – согуш жылдарында" деген мазмундуу монографиянын автору катары да белгилүү. Ушул эмгегинин негизинде тартылган "Каардуу жылдар" документалдык тасмасынын сценарийин жазгандар Эркин Борбиев менен Кадыркул Өмүркулов. Ал эми П.Казыбаевдин сценарийи боюнча 2015-жылы тартылган акын жөнүндө даректүү тасманын оператору Айбек Жангазиев.

Алыкул Осмоновдун кыргыз адабият тарыхындагы ээлеген ордун, жаңычыл, ойчул поэзиясын окурман журтка дааналап жеткирүүчү Алыкултаануу илиминин пайдубалын түптөгөн, Ала-Арча көрүстөндөгү жайбашына эстелигин 1954-жылы тургуздурган жана алгачкы тандалма жыйнагын түзүп чыгарткан Шаршенбек Үмөталиев кыргыз адабий сынына да зор салым кошкондон тышкары, көркөм чыгармалардын чебер калемгери. Быйыл агайдын 100 жылдыгы экендигин Сокулук району менен Чүй облусунун бийлиги эске алар деген үмүттөбүз. Айтмакчы, агайдын сунушу менен А. Осмонов боюнча алгылыктуу изилдөөлөрдү колго алышкан адабиятчы, окумуштуу жубайлар К. Асаналиев менен Р. Кыдырбаева да алыкултаануу илимине алгачкы бороз салгандардан.

Акынга болгон мындай урмат-сыйды уланткан кийинки муун өкүлү Памирбек Казыбаев дээрлик отуз беш жыл ичинде А. Осмоновдун Бишкек, Чолпон-Ата, Токмок шаарларындагы үй жана мектеп музейлерин негиздөөдө, Сталиндик жана Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыктарынын таржымалын тактоодо, чыгармаларын ар кайсы тилдерде жарыялоодо, текстологиялык тактоодо, эстеликтерин оңдотуу, тургузуу иштеринде, ысымын мектепке, кемеге, көчөгө ыйгарууда жана өмүр баяны, чыгармачылыгы боюнча орто мектеп жана жогорку окуу жайларына арналган басылманы жазууда көп мээнет жумшады.




"Алыкул-110" жылдыгында акынды эл аралык деңгээлде кыргыз диаспоралары менен элчиликтери аркылуу жайылтуу, даңазалоого көңүл бурулуп, китептер жана кинолордун электрондук көчүрмөлөрү КР ТИМ менен бирдикте жөнөтүлдү. Бишкектеги үйү Бакудагы "Түрк маданий мурастарын колдоо" фонду тарабынан оңдолуп, ырлар жыйнагы "Замандан заман" аталышында азери тилинде чыкты. Грузия элчилиги "Жолборс теричен баатырдын" 10-басылышын каржылады. Бул иштерди илгерилетүүдө мурдагы элчи, азыр Улуттук университеттеги Түрк маданий борборунун жетекчиси, күн-туулук жигит Кайрат Осмоналиев өзгөчө эмгек сиңирди.

Азери, казак, кыргыз, түрк, өзбек тилиндеги "Алыкул – Ата Журттун акыны" жыйнагы "Алыкултаануу илимий борбору" менен бирдикте жарыяланды.

"Байчечекей" журналын 35 жыл жетектеген акын агабыз Токтосун Самудинов Алыкул атындагы адабий сыйлыктын алгачкы лауреаты болсо, театр режиссеру Орозбек Айдаров майрамдык сезондо акынга арналган "Жолугушчу жолдор бар" спектаклин жаңыча көз караште койгондуктан, көрүүчүлөрдүн кызыгуусуна ээ болууда.

Ал эми кыргыз театрынын мурунку муундагы көрүнүктүү өкүлдөрү Ж. Арсыгулов, Б. Шалтаев, М. Асанбаев, Н. Исмаилова жана жаштардан Ж. Жумалиева да акындын театрдагы образдарын түзүүдө кыйла эмгектенишкен.

Бишкек шаарындагы акындын ысымындагы №9 китепкана башчысы А. Дүйшөналиева, № 68 мектептин окуу-тарбия башчысы Б. Жанекова эжекелер өз убагында Алыкултаанууга алгылыктуу салым кошушканы эсте. Сүрөтчү О. Молдобаев тарткан "Алыкул" портрети Улуттук китепкананын атына затын жараштыра тагылып турса, өткөн замандын бир мезгилин чагылдыргандай – А. Осмоновдун ошол портрети менен Сагынбаева Аписанын (Уруяпса) барельефи жанаша тагылышында купуя сыр бар экенине көпчүлүк маани бербейт.

Алыкул Осмоновдун өмүрү менен чыгармачылыгына кандайдыр тиешеси бар чыгармачыл инсандардын иштерине демөөрчүлүк кылган асылбаштык азаматтар Айбек Исакматов менен Максат Чойбеков.

Ал эми райондун "Элдик трибуна" гезитинин маданият багытын тейлеген калемгер А.Курбанов да өзү кастарлаган талантка татыктуу кызматын өтөөдө.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Кел, кыргызча туура жазабыз!

*Замандаш! Сен, мен күндө колдонуп жүргөн вотсап аркылуу канча сөздү ката жазып жүргөнүбүздү байкадыкпы? Күн сайын кайталап ката жаза берүү адатка айланды.*
*Бул эмнеден кабар берет? Эне тилибизди турмушта колдонууну азайтып, тилибизди булгап, кыскартып, келечекке чоң сокку уруп жатабыз. Мындай жол менен кете берсек, келечек муун кемтилген, мунжу, бузулган тилде сүйлөп каларында шек жок. Төмөнкү сүрөттөр буга мисал. Бул эне тилибиздин жоголуп бара жаткандыгы. Келгиле, тилибизди сактайлы!*













ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5
(315)

28
05
2025

kyrgyztili@mail.ru

# Сөздүктөр






**Алат:** кокуй алат! же алат күн! - кейигенде, чочуганда айтылуучу сырдык сөз. О, алат күн десе, ал чолок этектин кеткени качан ("Чалкан").

**Алаша** - сулуу, татынакай, келбеттүү. Алаша келин, сулуу кыз.

**Алба:** алба-далба же албасалба - абдан жыртылган, айрылып самсаалаган, тамтыгы кеткен. Көйнөгү туш-тушунан айрылып алба-далба болгон ("САЖИ").

**Албарс**

1. Таза болот, курч болот. Албарс кылыч колунда, каршы-терши кайсалап ("Манас").
2. Тери ооруларын дарылоо үчүн колдонулуучу уу дары. Албарс менен күчала, сүр куйрукка ачытты (Тоголок Молдо).

**Албыра** - самсаалап, бөлүнүп-бөлүнүп кетүү, тытылган, самсаалаган абалда болуу.

**Алгоолош**

1. Айыл-чарба жумуштарында өз ара жардамдашуу, көмөктөшүү. Айдады алгоолошуп конок, таруу (Аалы).
2. Улам бири кезектешип туруу, кезектешип иштөө, берүү ж.б. Каныбектер менен алгоолошуп араа тартыша баштады (Жантөшев).

**Алгы**

1. Тамыры желе турган жапайы өсүмдүк. Бул кымыздын ичинде алгы деген чөптүн жарым кашык талканы бар (Жантөшев). Көктөмдө тоодон алгы казып, мандалак казып жеп, күн өткөрүп жаттык (Айтматов).
2. Алгы-берги - өз ара алыш-бериш. Алгы-берги тууралуу, алты күнү токтолду (Тоголок Молдо).

**Алдан**

1. Алды жактан, бет маңдайдан. Алдан шаар көрүнгөн (Бөкөнбаев).
2. Жалганга, калпка ишенүү. Нина Леонтьевна өзүнүн алданганына күлкүсү келди (Сыдыкбеков).

**Алебастр** - ак түстөгү майда, бүртүктүү гипс.

**Алеки:** алеки саатта - бир заматта, ары-бери, тез эле. Алеки саатта даяр болдук (Каралаев).

**Алеңгир**

1. Чаң-тополоң; чуу, дүрбөлөң; кыйроо. Ботом, жылкыга жети карышкыр тийип, таза алеңгирди салбадыбы (Байтемиров).
2. Эпостордо: кыйратып, чуу түшүрүүчү, кыргын салуучу (куралга карата). Алеңгир жаа, сыр жебе, кошо тартат, Чынкожо ("Семетей").

**Алет** - өң, түс. Байкуш, Кулу, алеттен кете түштү эле, эми кийим-кечеси кымырайып, бетине кызыл жүгүрүп калыптыр (Осмоналиев).

**Алешем** - кургак эмес, ным, нымдуу. Алешем отун. Алешем тезек.

**Алжырак** - тыгыз эмес. Алжырак бөз.

**Алк** - кулкун, алкым, тамак; кулк-мүнөз. Алкың бузук эле, Самтыркан, баарын жебе (Байтемиров). Манап алкы бузулду, мал ордуна киши жейт (Токтогул).

**Анархия**

1. Уюшкан бийликтин, закондордун, жүрүш-туруштун милдеттүү нормаларынын жоктугу менен мүнөздөлгөн коомдун абалы; бийликтин жоктугу, баш аламандык.
2. Тартипсиздик, иретсиздик, баш аламандык.

**Аначы**

1. Төрөт убагында жардам берүүчү, төрөттө жардамдашуучу аял. Эчки тууй албай жатып, койго аначы түшүптүр (макал).
2. Энечи

**Андаеки** - андай эле, андай болсо. Менин сөзүмө көнбөйт, андаеки, атасы келсинчи, көнбөгөнүн көрөйүн.

**Андызда** - абдан катуу чуркоо, чымын-куюн болуп жүгүрүү. Ак кой андыздап жүгүрүп, орто жолго барып калган (Жантөшев). Октон качкан бөкөнгө, андыздап чуркаар чөл жакшы ("Мендирман").

**Анет** - андай кылуу, ошондой иштөө. Кой, анетпе, кемпирим (Сыдыкбеков).

**Аннексия** - бир өлкөнү, же анын бир бөлүгүн зордук менен тартып алуу, басып алуу, кошуп алуу.

Антагонизм – келишпес карама-каршылык.

**Антала** - шашкалактоо, энтелөө, антандоо. Кээ бирөөлөр ошондо, анталашып качышып ("Эр Төштүк"). Тоого чапты топтошуп, адырга чыкты анталап ("Манас").

**Анткор**

1. Антынан тайган, жалганчы, алдамчы. Адал тамак жебеген, анткор, залим, арамы (Тоголок Молдо).
2. Өзү иштеп коюп билмексен болгон; жалган, калп эле. Анткор кемпирдин аты - Айнагүл болчу (Баялинов). Анткор сөз. Анткор күлкү.

**Аңгаал** - аңдабаган, байкабаган, курулай күүлдөгөн. Мен сыяктуу аңгаал болбо, ар иштин келечегин ойло (Жантөшев).

**Аңгар** - аң-сезими аркылуу билүү, байкап билүү, түшүнүү. Ага-инимди чогултуп, аңгарып сөзүн көрөйүн ("Манас").

**Булак: "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү" Ред. Э.Абдуллаев, Д.Исаев. Фрунзе.1969-ж.**



Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ

# Жеңиш күн

**Айылдаш ардагер Касый авамдын эскерүүсүнөн...**

Өмүрү жайлоодо чоңоюп, кыргыздан башка кишини билбеген, машине, поезд, кабат тамдарды да көрбөгөн авамдан: "Канча немис өлтүрдүңүз?" - деп сурасам, кебин баштады.

– Жаныбарым поюз деле чарчайт экен, стансага жакындаганда эле күшш-бышш этип, кара тер кетип, ичкенжегени бутуна тушкөндөй илкий аярлап, буу буркүп өкүрүп алат экен да, жаныбар, анан токтойт экен. Ал жерден ар кандай солдаттар тыгылып эле кошулуп атты. Сталин шаарына келип, Старый мост деген жерден бир күн үйрөттү да, эки кишиге бирден мылтык берди. Мылтык мага тийди. "Өлсө, сен алып "Ураа!" деп алга чуркайсың!", - деп эңгезердей казак жигитти мага кошту. Мындай басар менен шыр эле мылтыгымды тартып алып, артыман жүр деп ишаарат кылды. Туш оой "Атаке!" дешти, дүргүп эле жөнөп калдык. Артынан жөнөдүм, качан өлөт экен деп, эки көзүм мылтыкта. Кудай жалгап, казагым да өлгөн жок, мен да тирүүмүн, алты саным аман. Жуушап эле кырылып калдык. Баягы шеригим бир эмес, эки мылтыкты мойнума илип койду. Немистерди алыстан көрдүм, билегин түрүп алып эле катарын бузбай басып келе беришет экен. "Аткыла!" – деди, аттык, "Жаткыла!" – деди, жаттык! Балам, бу, мен көргөн согушта сүрмө топ болуп жүрөт экен, кырк үчүнчү жылы оң каруума ок тийип, чыканагым бүгүлбөй калып "Үйүңө кет", - дешти. Буйрук экен, балам, жаныңда отурам, - деди.

Төрөлөрү төрдө жатып өлбөй, дөңгө чыгып өлгөн, жигиттери эриккенде ээлигип, бөрүнү бүктөй кармап такымга басып көкбөрү ойногон, тамырында Манастын каны бар, торгой тилдүү тоолук элдин баатырлары, үч уктаса түшкө кирбес жерди коргоп, тили бөлөк, түмөндөгөн элди колдоп шейит кетишти.

Согушта каза болгон аталарыбызга, оруктагы машак терген апаларыбызга тизе бүгүп таазим кылалы. Жергебиздеги Жеңиш майрамыбыз жеңил болбогону эсибизден чыкпасын!!!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН
№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Илим тилибизди нуска, кыска кылалы!



**С.К. КЫДЫРАЛИЕВ,**
***экономика илимдеринин доктору, профессор***

2024-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөнүнүн 100 жылдыгы белгиленди. Автономиянын жаралышы азыркы кыргыз мамлекетин түзүү процессине жол берген. Ушул жылдарда эл көп кыйынчылыкты башынан өткөрдү. Ошону менен бирге үстүбүздөгү кылымда кыргыз эли экономикада, мамлекеттик курулушта, маданияттын ар түрдүү тармактарында зор ийгиликтерге жетишти. Бул катарда билимди жана илимди өнүктүрүүдөгү ийгиликтер жөнүндө айтпай коюу туура болбойт. Залкар агартуучулар Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Сатыбалды Нааматов, алардын шериктери жана шакирттери Кыргызстандын азыркы билим жана илим системасынын пайдубалын түптөгөн. Алардын эмгектеринин негизинде заманбап кыргыз илим тили иш жүзүндө нөлдөн баштап жаралган. Албетте, биз алардын элдин жыргалчылыгы үчүн жасаган титандык эмгегин жогору баалайбыз. Ошол эле учурда көрүнүктүү австриялык композитор, дирижёр жана ойчул Густав Малердин: "Салт – күлгө сыйынуу эмес, жалындоону улантуу", - деген сөзүн эске алуу керек. Биз бул сөздөрдү кыргыздын илим тилин өнүктүрүүгө, өркүндөтүүгө чакырык катары кабыл алабыз. Биздин илим тилибиз нуска жана мүмкүн болушунча кыска болушу керек деп эсептейбиз. Бул эмгекте мындай илимий тилди өнүктүрүү жолунда кездешкен көйгөйлөр, бул максатка жетүү боюнча айрым сунуштар талкууланган.

Кыргызстан эгемен мамлекет болгонунан баштап, кыргыз тилин өнүктүрүү жөнүндө көп сөз айтылды. Тилекке каршы, кабыл алынган токтомдор жана башка чараларга карабастан, жыйынтык өтө начар. Мындай жагдайдын себептери эмнеде?

Мүмкүн негиздер начарбы? Алибетте, андай эмес. Океан сымал Манасты жараткан тилибиз чексиз бай. Бирок анын байлыгын кээ бир учурларда биз туура колдоно албай келе жатабыз.

Ар бир жандуу нерседей эле, тил да өнүгүш үчүн өзүнө дайым жаңы сөздөрдү кошуп туруш керек. Ушул процесс кандай өтүп жатат? Биздин оюбуз боюнча, заманбап илимий кыргыз тил мезгил талаптарына дал келет деп айтыш кыйын. Мүчүлүштүктөр өтө көп. Алардан кутулуш үчүн себептерин талдап, жойгонго аракеттениш керек. Негизги максат, багыт: илим тилибизди нуска жана кыска кылганга умтулушубуз зарыл.

Интернеттен алынган орус тилиндеги макаладан баштайлы:

«При анализе второй мировой войны американские военные историки обнаружили очень интересный факт. А именно, при внезапном столкновении с силами японцев американцы, как правило, гораздо быстрее принимали решения и, как следствие, часто побеждали даже превосходящие силы противника. Исследовав данную закономерность ученые пришли к выводу что одна из главных причин в том, что средняя длина слова у американцев составляет 5,2 символа, тогда как у японцев 10,8, следовательно на отдачу приказов уходит на 56 % меньше времени. А в коротком бою это играет немаловажную роль.

Ради "интереса" они проанализировали русскую речь и оказалось, что длина слова в русском языке составляет 7,2 символа на слово (в среднем), однако при критических ситуациях русскоязычный командный состав переходит на ненормативную лексику, и длина слова сокращается до (!) 3,2 символов в слове. Это связано с тем, что некоторые словосочетания и даже фразы заменяются ОДНИМ словом.

Для примера приводится фраза: "32-ой ё#ни по этому х@ю", что означает "32-ой приказываю немедленно уничтожить вражеский танк, ведущий огонь по нашим позициям» [1]

Заманбап кыргыз илими орус илиминен башталган. Муну таныш мүмкүн эмес жана улуу орус элине рахмат айтуу жөндүү. Бирок илим сөздөр кээ бир учурларда орусчадан начар өздөштүрүлгөн. Бир топ илим сөздү орус тилинен алганда, орус жана кыргыз тилдеринин айырмасы эске алынган эмес. Кемчиликтердин негизги түрлөрүн талдоону, мисалдан баштайлы:

«Умут и Ко» фирмасы саткан «пастеризацияланган» сүттү баарыңар эле көрсөңөр керек. Белгиленген сөздү айтып бүткөнчө чарчайсың. Бул учурда: «Сөз ушундай болсо, эмне кыла алабыз?» - деп айтуу мүмкүн. Бирок алыстабай туруп, ошол эле кутучадагы (тетрапактагы) казакча текстти карасак, «пастерленген» деп жазылып турат. Бул сөз ошол эле мааниде болуп, алты тамгага кыскараак! Мындай мисалдарды, баарыбыз эле ондоп айта алабыз. Алардын жалпы жери: мындай сөздөрдү орус тили өз маалында орусчалап, дээрлик Европа тилдеринен алган. Ошондо, system - система, problem - проблема болуп калган. Жогоруда келтирилген "пастеризация" деген сөз орусчага "pasteurization" деген сөздөн кирген. Биз болсо, орусча вариантын эч өзгөртпөй, үстүнө тамгаларды кошуп салганбыз. Демек, ортомчу тилдин көзүн карабай түздөн-түз которсок, анда «проблемалардын системасы» дебей, «проблемдер системи» деп айта алабыз.

Туура эмес, анда «проблемдердин системи» деп айтылыш керек деген пикир мүмкүн. Бул дагы бир мүчүлүштүк. Тилибиздин негизги, нукура сөздөрүн атап: «Кол, баш, үй, нан, таш, …» - алар өтө кыска экендигине ынанабыз. Ошондуктан, алардан жаралган сөздөр кошумча тамгаларды талап кылышат: «Колдон, баштар, үйдүкү, нандуу, ташсыз, …». Бул жагдайда, тиешелүү сүйлөмдөр өтө узун болуп калышы мүмкүн болчу. Бирок акылман тилибиз абдан туура чечим тапкан: сүйлөмдүн үлүштөрүн бир-бирине дал келтириш үчүн сөз туюнтмасынын акыркы сөзүн гана колдонуш жетиштүү. Ошондо «алтындан жасалган ачкыч» эмес, «алтын ачкыч», «беш кыздар» эмес, «беш кыз». Салыштырма катары, орус тилинде «золотой ключ», «пять девочек». Кызык нерсе, мындай сүйлөм түзүлүш кыргыз тилинен башка тилдерде да бар. Мисалы, англис тилинде. Мындай тил түзүлүштүн негизинде, орус тилинин эрежелерине ылайык «фирманын инвестициялык стратегиясы», «райондук администрациясынын специалисти» дебей, «фирмдин инвест стратегиси», «район админинин өкүлү» деп айтыш жетиштүү.

«Админ өкүлү» деген сүйлөм кулакка кызык угулса керек. Бул биздин сунуш. Башка, булар сыяктуу, көп узун сөздөр башка тилдерден келген. Мындай учурларда, адистер кеңешип, сөздөрдүн маанисин сактап, аларды кыскартса абдан туура болот эле. Анда «алгебралык теңдеменин коэффициенттери» деген сүйлөм, дээрлик, бардыгыбызга түшүнүктүү, бирок бир далай кыскараак «алжебр теңдеменин коэфтери» болуп калышы мүмкүн.

Мындай, тилдеги өзгөрүүлөр кабыл алынса, баштапкы мезгилде сөздөрдүн ар кандай түрдө жазылышына мүмкүндүк бериш туура болот: системасы – системи, инвестициялык саясат – инвест саясат… Бара-бара убакыт өткөнгө жараша, тилге көбүрөөк ылайык келген сөздөр жана сүйлөмдөр электенип, калып калышат.

Бул багытта, биздин урматтуу президентибиз С.Н. Жапаров абдан сонун үлгү көрсөттү. Президентибиз нукура кыргыз тилинин эрежелерин колдонуп, кыргыз балбандардын салтанаттуу тосуп алуу аземинде айткан сөздөрү: «Бул Олимп оюндарынын жыйынтыгы боюнча биздин баатыр балбандарыбыз: Айсулуу, Акжол, Мээрим тарых жаратып, эки ирет удаасы менен Олимп оюндарынын байге ээлери болушту». [2]

Келтирилген сунуштар, негизи, сөз жана сүйлөмдөрдү кыскартууга багытталган. Алардын нускалуу болушу да абдан манилүү. Бул багытта, адистердин салымы орчундуу боло алат. Мисал катары, негизги экономика түшүнүктөрүнүн арасында: киреше (доходы), чыгаша (расходы), пайда (прибыль) жана зыян (убыток) сөздөрү бар [3]. Бирок «зыян» деген сөз бул учурда туура эмес, «чыгым» сөзү туура болот. Элестеткиле, «шаарды таштандылардан тазалоо кызматы зыяндуу» болбойт, ал «чыгымдуу».

Акыркы убакта тилибизге бир нече кеңири колдонулган сөз кирди. Алардын ичинен "самолёт – учак" болгонун толук колдойбуз.

Бирок "радио - үн алгы" эмес. Биринчиден, радио дегенди дүйнө жүзү түшүнөт. Экинчиден, мааниси дал келбейт. Радиоприемник үн албайт, үн берет! Андай эле жактырсак, «үн алгы» деп «микрофонду» аташыбыз керек.

Ушундай эле «чакырым» деген сөз заманбап илим тилге эч туура келбейт. Асандын «чакырымы» Сайкалдыкынан бир топ айырмаланышы мүмкүн. Андан башка «ондон бир чакырым» сыяктуу сүйлөмдөр кулакка өтө одоно угулса керек.

Дагы бир ой… Көп учурда официал кагаздарда дагы «эсептелет» деген сөз ашыкча колдонулат. Элестеткиле: «Таштанбек Дамирдин атасы болуп эсептелет», - деген сүйлөм өтө одоно болушу мүмкүн. «Таштанбек Дамирдин атасы», - деп гана айтышыбыз керек.

Айта кетүүчү нерсе: көп учурларда, так эместик - баштапкы термин орус тилине так эмес которулганынан келип чыккан. Экономикада «marginal revenue» жана «marginal» деген сөздү камтыган сүйлөмдөр кеңири колдонулат. Бул сөз орус тилине «предельный» деп, маанисинен алыс которулуп калган. Андан кыргызча «акыркы чеги» пайда болгон. Ошентип «кирешенин акыркы чеги» деген сүйлөм экономикалык китептерде кездешип жүрөт. Аныктамага кайрылсак, бул түшүнүк товардын кошумча бирдиги сатылганда, кирешенин канчага өзгөргөнүн көрсөтөт. Биздин оюбузда, бул учурда «кирешенин акыркы чеги» деп айтыш, таптакыр туура эмес. Мүмкүн «кошулма киреше» туура болот.

Математикага тиешелүү эки терминге токтоло кетели.

Барабарсыздыкпы же теңсиздикпи? Биздин оюбуз боюнча, бул терминдерди бирдей колдоно берсе болот. Теңсиздик кыскараак, биз үчүн негизги болгон орус жана англис илим тилдеринде «теңдеме-теңсиздик» сыяктуу «уравнение-неравенство», «equation-inequality» — бир тамырлуу сөздөр. Дагы бир сөз «көбөйүү». Айдардын 9 кою бар болчу. Алардын саны бешке көбөйсө, анда азыр Айдардын канча кою бар? Жооп: 14. Бирок математикада «көбөйтүүчү» деген сөз башка мааниде колдонулат. Себеби орус тилиндеги «увеличение» жана «умножение» деген сөздөр кыргызча «көбөйүү». Так болуш үчүн "эсе" сөзү колдонулат. Айдардын 9 кою бар болчу. Алардын саны беш эсе көбөйсө, анда азыр Айдардын канча кою бар? Жооп: 45. Ошондуктан биз «эселөө» сөзүн колдонууну сунуш кылабыз. Бул учурда: Айдардын 9 кою бар болчу. Алардын саны беш эселенсе, анда азыр Айдардын канча кою бар? Жооп: 45. Мында, тиешелүү сөздөр бир топ кыска, бирок ошол эле учурда түшүнүктүү болот: «көбөйтүүчү» - «эселөөч», «көбөйтүндү» - «эселеш» …

«Эселөө» сөзүн артыкчылыгын даңазалаш үчүн мындай сүйлөмдү сунуш кылалы: Сандардын көбөйтүндүсүнүн жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажыратуусу, ал сандардын жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажыратуусунун көбөйтүндүсүнө дал келет. Биздин сунушубузда: Сандардын эселешинин жөнөкөй эселөөчтөргө ажыратуусу, ал сандардын жөнөкөй эселөөчтөргө ажыратуусунун эселешине дал келет.

Мындай учурларда, жаңы сунуштарга каршы болгондор, демейде мурунку китептерде башкача жазылган деп айтышат. Буга минтип айтыбыз келет: «Мурунку көп китепте Жер планети жалпак», - деп жазылган.

Кыскача жыйынтыктасак, кыргыз тилине жаңы кирип жаткан терминдер нуска жана кыска болуш керек. Маанисин так түшүндүргөн кыргыз сөздөр мүмкүн болгон учурларда колдонулушу жөндүү. Мисалы, "акция" деген сөз дүйнөлүк илим тили болгон англис тилинде «share». Ал «үлүш» деп которулат. Бул учурда мааниси да түшүнүктүү. Баалуу кагаздардын дагы бири - орус тилинде «облигация». Ал англис тилинде «bond». Мүмкүн, бул учурда "бонд" деген кыска сөздү кыргыз тилине киргизип, маанисин аныктама аркылуу түшүндүрүш туура болор. Дагы бир сунуш: ар бир тармакта, кийинки жылдарда тилге кирип калган өтө узун сөздөр бар. Аларды адистер карап чыгып, маанисин сактап, кыргыз тилинин эрежелерине жараша кыскартса, туура боло турган.

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН
№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Жан дүйнөмдү эзип келет, жан балам…

*(Жоктоо)*





Дүйнөдө не жаман? Жан дүйнөң эңшерилип, кан-жаныңдан жаралган ботонду боз топого өз колуң менен жашырган жаман, арман дүйнө. Ушу уулум жарыкчылыкка келгени кубанычтан жүрөгүм балкып, аягым жер баспай, жел учургандай болгом. Жаратkандын шыбагасына ыраазычылыгым ченемсиз эле, тунум да. Бу жалганда адеп бала жытын жыттап, ата болуудан өткөн сүйүнүч болбосо керек. Мүлдө жандуу дүйнөнүн табиятына берилген сый, ырыскысынын туу чокусу ушул тура. Аттиң, арийне, "Турарына тилек кыл", - дегендей, өзүн бергени менен өмүрү берилбептир да. Акылмандар айткандай: "Кубаныч менен кайгы, төрөлүү менен аза - эгиз", - экен да, анын бирин гана пир тутуп, самап, тилек кылып, күн кечирип келет экенбиз. Ким эле жамандыкты ойлосун?! Бирок, акын Током жалгызын жоктоп: "Жаштар өлбөс болсочу!" - дегендей, ата-энени шорлотуп, аттиң, ботобуз өлбөс болсочу! Ошондон ата кургур, эне байкуш: "Баламдын жамандыгын көрсөтпө", - деп Жаратканга жалбарып, тиленет экен.

Шүгүр дейм, Жаратканга күнөөкөр болуудан алысмын. Балдарым үйүмдү базар кылып, тамырым жайылып баратканына кубанам. Анткен менен алгачкы кубаныч ыроологон тунумдун кемтиги, жоктоо, өмүр бою кетпес кеселдей жүрөк түпкүрүндө муз болуп турат тура. Күлкүсү, чыры, басканы, кеби, келбети – эс тутумдан эч качан өчпөйт экен. Анан да, өксүтүп, мына бүрдөйт деп турган 21дин тамагына кадам салганда кете бергенине ишенгим келбейт. "Келип калам", - деп узак сапарга кеткендей, күтө бергим бар. Бишкектен түнкү рейс менен таңга маал кирип келчү эмес беле. Кырсык басып, түбөлүк келбеске кеткенин моюнга алгым келбейт. Түн бир оокумда капилет ойгоном да, чырак жаккандай жүрөгүм тилинип, куш жаздыгыма тоголонуп, таңды атыра албай, жүзүм жаштап, эзилип жата берем. Ээн жерде буркулдап ыйлап алгым келет, көңүлүмдө өзүң менен сүйлөшүп, жеңилденип алсам дейм. Кантип унутат элем сенин элесиңди?.. Эсимде, 4-классты аяктап, Чүй боорунан жайкы каникулга келгенсиң. Агабыздын атын минип, 2-3 күн тоодо тууганыбыздыкында жүрбөдүкпү, сейилдеп, сүрөткө түшүп. Орусча ыр жазып келиптирсиң, машинкага бастырып, кайсы бир редакцияга жибергенбиз. Машинкага «В горах» деп кыскача жазган дил баяның, 1-класста айылда алты ай окуп, калтырган жазуу дептериң алигече аздек сакталып жүрөт, чейрек кылым ашса да. Кийин мектепти эң жакшы аяктап, тест тапшырып, жогорку балл менен Орус-славян университетине өткөнүң, өзгөчө, стипендия алганың, 4-курска киргениң, не деген кубанычтар эле…

Аттиң, адамбыз да, борборго акыркы барганымда үйжай күтүү оюңду сурабадым беле?.. Тагдыр эмеспи, апаң экөөбүз ажырашып, өз алдыбызча түтүн булатканыбызга он жылдан ашып, токтобогон санаамды басайын дегем. Курган уулум, ата менен эненин мээриминин өксүгүн тартып, өмүр кечирип, кыйналып жүргөнүңдү сезип, канча саам жүрөгүм тилинбеди. Үйүмө келгенде, келинчегим экөөлөп болгон ырыстууну жайнатып, бөбөктөрүң: "Абакелеп" артыңдан ээрчип турган менен көөдөндө муң, көзүңдө таарыныч таркабай, тоң турчу. "Шашпаңыз, окууну бүтөйүн. Өзүм иштеп үйжай күтөм, туугандарымдын баарын бириктирем. Айылдагы бир туугандарымды өзүм окутам", - деп тим болгон. Эжеси (менин келинчегим) салып берген тамак-ашын берип, көпкө сүйлөшүп олтургам. Тилегине, келечегине кубанып үйгө келгем.

Сүйүнүчтүн, ак тилектердин арты арыбасын деп ырым кылып, окууга өткөнүңдө жаңы туулган кулунду энчилеп бергем. Ай аттиң, тагдыр ошондо эле аны ашыңа багыштап койгон белем. Кийин чындап эле ал атты ашка камдамак болгонбуз. Көңүл чаппай койду, уулумдун ак тилегине буюрса деп ойлойт элем. Балдарым да: «Авамдын аты», - деп талашып турчу. Бир минип кетсе эмне, арман дүйнө! Ашына башканы алмаштырып, атты алып калдык. Кызматта жүрүп, атты сейрек пайдаланам. Балдарым да бапестеп, өзүм да алмашууга, керектөөгө дитим барбай келди. Атты көрүп арман кылбайын деп, акыры сатып жибердик.

Ооба, капилет келген кырсык жан дүйнөңдү жаман бүлүнтөт тура. Сыркоолоп жүрсө, төшөктө болсо да, адам алда кандай болот деп, ой учугу токтобой, жамандыгын да ойлоп, дүнүйөң дүрбөлөңгө түшүп турат экен. Күтүүсүздөн болсо, дендароо болуп, акылэстен ажырай түшөт экенсиң. Тамаша-чыны деп, ишенгиң келбейт. Жазуу-буйрукка не чара бар, көтөрбөскө арга жок тура. Жер эне катуулугунан, жан таттуулугунан, артын ойлогондон адам көтөрөт белем, кантейин, шордуу уулум ай! Сага багышталган шорду, азаптын жолун буулганга мүмкүнчүлүк болсо, өмүрүмдү арнасам да токтотпойт белем. Жаштыгымбы, жигиттикпи, кабырга кайыштырган жоктоону мен көтөргөн менен, асыл апам көтөрө албай калды, арман! Атам менен апам кичүүбүздүн туну деп, уулум жарыкчылыкка келгенде эле энчилеп алышкан, небересин. Ооба, кылыгы, кызыгы, кеби менен бакубат карылыктын канча тамашасын татпады, ата-энем. Мектеп босогосун аттагыча бир төшөктө жатып, чоң энеси, чоң атасы болуп бир бүтүн дүйнөдө жүрүштү. Биринчи класста окуп жүргөндө апасы менен ажырашып, уулумду, үч жашар инисин алып кетердеги ыйы, жалбарганы алигече кулагымда, көз алдымда турат. Сексенге таяп барган атамдын бырыш желелеген жүзүн, ак сакалын жаш аралап мөгдүрөп, турууга дарманы келбей олтурган. Небересин сагынышып, көпкө көнбөй кыйналып, томсоруп, ыйлап жүрүштү. Анан карылык, оорудан атам дүйнө салганын уулум алыста жүрүп укту да, телефондон көпкө басылбай, экөөбүз тең боздоп турдук. Кийин жогорку класста окуп калганда каникулга келип, чоң энеси экөө көрүшүп, атамды көпкө жоктошту.

Акылмандар айтмакчы, адам баласы акыл-эси менен карылыкка, ооруга такаат берип жашайт тура. Турмушу аршай, көңүлү жай, кырсыктан сырт болсо, ырыскы буйруса, улуу карылыкты багынтуу болот белем. Курган апам, пайгамбар жашты эбак басып өтүп, бапестеген ыйыгыбыз, төрүбүздүн куту, демдүү эле. Кырсык чалып, жандай көргөн небереси кайтканда угуза албай койдук. Айла кетип, азалуу боз үй тикмек болуп, шылтоолоп жээбиздикине конокко алып кетишти. Не кылмакпыз, арга түгөнгөндө, небересин коюуга чукулдатып, алдап апкелдик. Канчага калп айтмак элек. Адеп кабар укканы эле боздоп, эсин жоготуп алды. Апабыздын абалын, ыйын көрүп, бирибизди-бирибиз тыйдык. Аз жерден асыл адамыбыздан ажырап кала жаздадык. Доктур, жакын адамдардын жардамы, жылуу кеби менен эки ай дегенде эсине келди. Мурдагыдай эмес, түнт, капалуу, тез-тез сыркоолоп да калчу болду. Бирок, тосмону жеген суу сымал апабыздын жүрөгү жараланып, кайгынын ачуу шору күн санап жарыкчылык билигин кичирте берди. Турса-жатса небересин жоктоп, туура беш ай дегенде Кудайымдын сүйгөн пендесиби, кыйналбады, бир күн турбай жатты да, кете берди акырет жолуна.

Аттиң, небересин мындай кой, ушу мени да айтып олтурса, не деген азап менен адам катарына кошподу беле, апакем, апакебай! Мен төрөлгөндөн оорукчан болуп, дарыгерлердин айтымы менен «Таң жиги билингенден чоң сууну бойлоп, карагай аралап, гүлдүү жер тандап, атаң экөөбүз кезектешип көтөрүп жүрчүбүз», - дечү. Кичинемде түгүл, көзү өткүчө, үйгө жашыма чейин «Жылуусуңбу, токсуңбу?» - деп, төшөгүмдү жаап, таттуу тамагын, устуканын неберелеринен катырып, жумуштан баргыча, иш сапардан келгиче күтүп олтура берер эле. "Коюңузчу, балдарга бергиле", - десем, келин-неберелеринин күлкүсүн тыйып, сүйлөтчү эмес. Эми, ушул асыл апакемден да ажыроо чоң жоготуу болуп, сөөгүн жашырып келгенден кийин буркулдап, кыйлага басыла албай койдум. Түбөлүк эне-атасын кармап жүргөн ким бар эле, 86 жаштын тамагын таткан апамдын азасы оор болсо да көндүк. Апакем ай, эне жүрөгүндөй жүрөк болбос, анын мээрими, тилеги - баарыбызды жамандыктан калкалап жүрүп, шорду, ыйды, мээнетти өзүнө буруп алат өңдөнбөйбү.

Алтын апакем менен уулумдун сөөгү чукул коюлду. Бейит боюна жалгыз да, жакындар мененби барып турам. Маркум жакын туугандарымдын, анын ичинде жанаша түбөлүк жай алган апам менен уулумдун топосун жеңилдетип, уучтап топурагын төмөн түшүрөм. Уулумдун күмбөзүндөгү элесин сыйпалап, гүлдесте коём. Жан дүйнөм тилинип, өпкөм көөп, кай бирде өзүмдү да күнөөгө жыгып, жаш токтобой сүйлөшүп калам. Эстеликке чегилген, ый-арман аралаш бир түрмөк ырымды окуйм:

*Кош, Микибай! Аз жашадың өмүрдө,*
*Билим, оюң баары калды көңүлдө.*
*Ый, жоктоодон келсең кана кайрылып,*
*Эми канттим, айла барбы өлүмгө?!*

Башында ыйык курандын сүрөөсүн толук окууга дарман келбей, ыйлап жиберчүмүн. "Мезгил дарыгер", - дегендей, эми тыйылып келатам. Улуу Куранда: "Маркумдардын арбагы ыраазы болбой, жалган дүйнөдөгү биздин ырыскыбыз толукталбайт", - дейт. Мандайга жазганды кезегинде көөдөн азага, муң, жоктоого чөмүлүп турганда кабыл албаганыбыз менен кайда барабыз, ыйдын арты ыйга уланбасын деп жака кармап, шүгүрчүлүк кылуу да парз экен. Өлүмгө бир курандан, жакшысын эскерүүдөн башка соопчулук жок тура. Теңиримден тилейли, маркумдарыбыздын арты кайырлуу, топосу торко, түбөлүк үйүн жайлуу кылсын. Артында калган жакындарынын, элдин ыйманын, ырыскысын, ынтымагын, өмүрүн, келечегин сурайлы. Кимге болбосун ботосун мезгилинен эрте жоктогон ата-энедей пендечиликти, тагдырды кабыл кылбасын деп тилейли. Ээ Жараткан, ботосун жоктоп, боор эти тилинип, боз дөбө көрүстөнгө көздөй боздоп сапар тарткан ата-энени тагдыр жазуусунан пенде баласын алыс кылууңду тилейм!

**Ж. Акматов**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 35 ТЫЙЫН

№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru



# Сүйүү ырларынын султаны – Омор Султановго 90 жыл

"...Сен азыр эмнени ойлоп турдуң экен,
Айдалып баратканда ак булуттар"

## Кусалык

*Чарчоонун биринчи ыры
жазылган күн
эсимде турат бүгүн...
Баарыбыз жаш бала элек
түшүнө элек.
Экинчиби, үчүнчү класста элек.*

*Каникулга тарагандын эртеси болсо керек,
эч кимге айтпай
качып чыккан Мцыридай,
Сагынчым кусага өтүп
жүдөп, жедеп,
жөнөдүм апамды издеп...
Убакыт – күн чыга элек.
Алыстан же бийиктен караганга
жердин бити сыяктуу
болсом керек.
Колумда таягым бар өзүмдөн чоң,
Жол билбейм,
Бирок, барам тоо аралап –
апамды издейм...
Апам болсо көкүрөк оорулуу эле.
Жанталашып,
Жылкычынын жанына
тигип алып бир алачык,
Кымызга барган эле...
Кусалык – коркунучтан жырткычыраак.
Чоң кайкы ашып,
Узунду күн жол басып
(билбептирмин, жол дагы ушунчалык
болобу ыраак?),
Калган кезде көз байланып,
Өзүмдөн чоң таягымды
колума алып,
Алачыкка кирип барып,
Бир "ба-а-а-а" деп жыгылыпмын
апама канат жайып...*

*Бар эле анда,
Коркунуч да,
Кубаныч да
бир өмүргө созулган ошол "ба-а-а" да.*

*Мени оорулуу көкүрөккө кысып алып,
Апам дагы ыйлап жатты
кусалыктын бугун жарып.
Ошондо чарчаптырмын ушунчалык.
Эстей калсам азыр да,
Бардык жолду басып өткөн
таманымдын алдында
зуу-зуу этип жер зуулдайт,
Башка эч нерсе угулбайт...*

## Ак булуттар

*Каалгып ак булуттар көчөсүңөр,
Канча бир жерлер басып өтөсүңөр.
Түрүлүп түгөнбөгөн сапар тартып,
Түнөргөн тоо башына түнөйсүңөр.*

*Кайчы өткөн тагдыр менен жолго чыгып,
Силерди, ак булуттар, жолдош кылып,
Мен келип алтын кумдуу көл жээгине,
Олтурам эскерүүдө ичтен сызып.*

*Сезгендей айрыларды коркор элем,
Алтын кум, сен баарына орток элең.
Өчөшүп бизди өксүткөн жаңылууга,
Өмүрдүн өрүн көздөй жалгыз келем.*

*Кайгынын каран түнүн жарык кылар,
Каралдым, жашоодо көп жакшылык бар.
Сен азыр эмнени ойлоп турдуң экен,
Айдалып баратканда ак булуттар.*

*Көл жээги, касиеттүү көлдүн жээги,
Көрбөдүң, өткөрбөдүң эмнелерди.
Адашып сүйгөнүмдөн келдим сага,
Сүйүүмдү айла кылып кайрып берчи.*

## "Сен жөнүндө поэма" ырлар циклинен

*Билбейм, кайдан табылгансың сен мага,
Маңдайыма бүткөн жалгыз бакыттай.
Сени сүйдүм буйрук алып тагдырга,
Башкалардын миңи сага татыбай.*

*Же атайы сен жаралып мен үчүн,
Төрөлгөндө мендик болуп төрөлдүң.
А болбосо айтчы, жаным, эмне үчүн?
Зарлап тапкан перзентимдей көрөмүн.*

*Биз жолуктук майдын жумшак түнүндө,
Ал түн мага сени эскерткич боёктой.
Мен сүйлөсөм сенин үнүң үнүмдө,
Мен көрүүгө сенин көзүң керектей.*

*Уктаганда сенин уйкуң менде бар,
Ойлоруң да ойлорума киришкен.
Биз экөөбүз эки сандай барабар,
Биз экөөбүз эки суудай бириккен.*

***

*Сен болуп бардык жайдан караганым,
Шамалдай туш-тарапка тараларымын.
Ачылып, ырбап кетер кайра баштан,
Айыккан менин эски жараларым.*

*Ошондо өрттү көрсөң күйүп-жанган,
Суу көрсөң аңтарылып агып жаткан,
Жер көрсөң тереңдерден титиреген,
Куш көрсөң жалгыз учуп бара жаткан,*

*Күн көрсөң көз жаш төгүп ыйлап турган,
Түн көрсөң көөдөй кара ит улуган,
От көрсөң жалгыз күйгөн тоо башынан,
Жапжалгыз кайык көрсөң толкун урган,*

*Эгер сен бала көрсөң улутунган,
Эң катуу ыза көрсөң турмушуңдан,
Мас көрсөң ыйлап аткан, ырдап аткан,
Жаш көрсөң бир муңайым бара жаткан,*

*Анан да буюм көрсөң кыйрап сынган,
Бак көрсөң бороон уруп, шагы сынган,
Ошонун баарын мен деп биле бергин,
Көзүңө көрүнгөндүн баары менмин -
Жалдырап сени тилсиз карап турган.*

***

*Күн чыккандай Ала-Тоонун артынан,
Күндө элестеп элесиңди жаркыган.
Камаарабайм кайда барсам мейли деп,
Кайыкка окшоп калагы жок калкыган.*

*Көл жээгинде күн баткандай кечинде,
Көрүнбөгөн көңүлүмдүн четинде -
Сен турасың кызгылт жүзүң нурданып,
Сезим күйүп алоолонгон эсимде.*

*Адегенде кыйыша албай караштык,
Анан кантип, кандай болуп жанаштык?!
Кандайдыр бир максат алып шашылып,
Каяккадыр жанталашып бараттык.*

*Ыраак-жакын аралыгы сезилбей,
Ырахаттуу бир асылды өзүңдөй -
Аяп дагы, аябай да кучактап,
Аз-аз жерден калып турдум эзилбей.*

***

*Мен сени сүйгөн жокмун көзүң үчүн,
Күлгөндө жазгы гүлдөй жайнап кеткен.
Мен сени сүйгөн жокмун сөзүң үчүн,
Кайгыны көкүрөктөн айдап кеткен.*

*Мен сени сүйгөн жокмун боюң үчүн,
Жигиттин талабына жооп берген.
Жок, сени сүйгөн жокмун оюң үчүн,
Ак нурдай Ай алдынан кармап келген.*

*Мен сени сүйгөн жокмун сырың үчүн,
Эч качан, эч кимдерге жандырбаган.
Бар турүп айтар сөзүм, каруу-күчүм,
Бактысыз сени карап жалдырагам.*

*Мен сени сүйдүм сүйүү бардыгынан,
Жаркырап, жаңыланып, сезим гүлдөп.
Көңүлдө жан көшүлткөн жашыл ыраң,
Бүрдөбөй калган багым кайра бүрдөп.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 35 СОМ

№5 (315)
28 05 2025
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779, 35 СОМ

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:**
Орозалы Жапар уулу
0(700) 93 25 03

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Чүй проспектиси, 265 А
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24
**Буйрутма:** 232
**Нускасы:** 3 144